2023 Кыргыз Республикасында Бириккен Улуттар Уюмунун
Өнүктүрүү программасы
Майыптыкты медиада чагылдыруу боюнча колдонмо

# «МАЙЫПТЫК МЕДИАДА»



2023 Кыргыз Республикасында Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы

"Медиадагы майыптык" брошюрасы Кыргыз Республикасында БУУнун Өнүктүрүү программасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Маданият, Маалымат, Спорт жана жаштар саясаты министрлиги, майыптыгы бар адамдардын коомчулугу, журналисттер жана БУУ агенттиктеринин өкүлдөрү менен биргеликте иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетине караштуу майыптардын иштери боюнча Кеңеш тарабынан бекитилди.

Бул басылма билим берүү же коммерциялык эмес максаттар үчүн булакка шилтеме берилген шартта укук ээсинин атайын уруксатысыз толук же жарым-жартылай ар кандай формада кайра чыгарылышы мүмкүн.

Конкреттүү уюмдарды, жерлерди, кызмат көрсөтүүлөрдү же айрым даярдоочулардын продукцияларын эскерүү Кыргыз Республикасындагы БУУӨП башка уюмдарга, жерлерге, кызмат көрсөтүүлөргө же текстте айтылбаган окшош мүнөздөгү продукцияларга салыштырганда аларга артыкчылык берүү менен аларды колдойт же сунуштайт дегенди билдирбейт.

Кыргыз Республикасындагы БУУӨП ушул басылмадагы маалыматтарды текшерүү үчүн бардык акылга сыярлык чараларды көрдү. Бирок жарыяланган материал ачык же кыйыр түрдө эч кандай кепилдиксиз таркатылып жатат. Материалдарды чечмелөө жана колдонуу үчүн жоопкерчилик колдонуучуларга жүктөлөт.

Сүрөттөр жана иллюстрациялар БУУнун агенттиктеринин басылмаларынын талаптарына ылайык колдонулат.

# МАЗМУНУ

Аббревиатуралар
Ыраазычылык
Кириш сөз

## 1-бөлүк. Майыптыкты түшүнүү

Майыптыктын аныктамасы
Майыптыктын моделдери

## 2-бөлүк. Майыптыгы бар адамдардын укуктары

Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун конвенциясы

## 3-бөлүк. Майыптыкты медиада чагылдыруунун негизги принциптери

1-принцип. Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!
2-принцип. Майыптык субмаданияттарынын ар түрдүүлүгү
3-принцип. Майыптыгы бар адамдардын анык образы
4-принцип. Тескери стереотиптер менен багыттамаларды жоюу
5-принцип. Сыпайы тилди колдонуу

## 4-бөлүк. Майыптыкты медиада чагылдырууга карата мамилелер

Майыптыктын өздүк тажрыйбасын чагылдыруу
Майыптыкты визуалдаштыруу
Жеткиликтүү медиа чөйрө

Пайдаланылган ресурстардын тизмеси

# АББРЕВИАТУРАЛАР

| | |
|---|---|
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| АСБ | аутисттик спектрдин бузулушу |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУУӨП | Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы |
| БЦШ | балдардын церебралдык шалы |
| ДССУ | Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму |
| ЖМК | жалпыга маалымдоо каражаттары |
| ИЭК | Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы |
| УДИ | ультрадобуштук изилдөө |
| ЮНИСЕФ | Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду |
| ICTA | International Commission on Technology and Accessibility/ Технология жана жеткиликтүүлүк боюнча эл аралык комиссия |
| ISO | International Standard Organization/Стандартташтыруу боюнча эл аралык уюм |
| IT | маалымат технологиялары |
| SMM | Social Media Marketing/социалдык тармактардагы маркетинг |
| TEDx | Technology, Entertainment, Design/Технологиялар, оюн-зоок, дизайн/Таркатууга татыктуу идеялар |



# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасындагы Өнүктүрүү программасы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине, майыптыгы бар адамдардын коомчулугуна, журналисттерге жана коммуникация жаатындагы эксперттерге «Майыптык медиада» колдонмосун иштеп чыгууда көрсөткөн көмөгү үчүн ыраазычылык билдирет.

Аскар Турдугуловго («New Age» коомдук бирикмеси), Айпери Аралбаевага (Майыптыгы бар кыздардын «Назик Кыз» коомдук бирикмеси), Мэри Бекешовага («Майыптык медиада» колдонмосунун кыргызча вариантынын редактору), Жылдыз Садыковага (Аутизми бар балдардын ата-энелеринин «Колдогу кол» коомдук бирикмеси), Виктория Бирюковага («Майыптыгы бар адамдардын «Теңдик» бирикмеси» коомдук бирикмеси), Айчүрөк Кулмирзаевага (Даун синдрому бар балдардын ата-энелеринин «Сантерра» коомдук фонду), Искендер Алиевге («Kyzyk Media»), Канат Абдыжапаровго (социалдык ишкер, майыптыгы бар жаштар коомчулугунун өкүлү), Кыдырмамбет уулу Дастанга (майыптыгы бар жаштар коомчулугу, БУУнун Кыргыз Республикасындагы өлкө командасынын жаштар кеңеши), Кассандра Хартблейге (Торонто Университетинин Глобалдык изилдөөлөр институту, Канада), Зият Абдыкаимовго (Nazarbayev University, Казакстан), Марина Мирошникке («Кактус Медиа» маалымат порталы), Мария Небогеге (майыптыгы бар балдардын ата-энелеринин коомчулугу), Алия Турдиевага (Дүлөйлөрдүн Бишкек шаардык баштапкы уюму), Назира Илимказиевага (көрүшү начар адамдар коомчулугу) жана Нишана Жээналиевага (кинорежиссёр-документалист), Диана Светличнаяга (жазуучу, журналист, фотограф), Бермет Маликовага жана Исмаил Карыповго («Кыргыз Республикасындагы Интерньюс») өзгөчө ыраазычылык билдиребиз.

# КИРИШ СӨЗ

Майыптык коомдук турмуштун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматы боюнча, дүйнөдө 1 миллиарддан ашуун майыптыгы бар адам жашайт, бул дүйнө калкынын сегизден бир бөлүгү. Алар ар кандай маданияттын, жыныстын, улуттун, расанын, тилдин, жаш курагынын, жыныстык багыттын өкүлдөрү, шаарда же элетте жашап, ар кандай социалдык статуска ээ (качкындар, мигранттар ж.б.).

Алар көп учурда коомдун терс мамилесине жана кайдыгерлигине, зомбулукка, майыптыгы үчүн кемсинтүүгө жана социалдык тейлөө кызматтарынын жеткиликсиздигине туш болушат. Майыптыгы бар адамдардын баарынын адамдык укуктарын жана негизги эркиндигин толук жана теңчиликте камсыз кылыш үчүн БУУнун Башкы Ассамблеясы 2006-жылдын 13-декабрында БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясын (МАУК) кабыл алган. Кыргызстан бул Конвенцияны 2019-жылы ратификациялап, майыптыгы бар адамдардын укуктарын жүзөгө ашыруу боюнча өзүнө милдеттенме алган.

МАУКтун 8-беренеси ЖМКны коомдун майыптык боюнча маалыматын арттырууга, майыптыгы бар адамдарга карата стереотиптер, жалган ишенимдер жана зыяндуу адаттар менен күрөшүүгө, ошондой эле алардын жалпы коомго тийгизген пайдасын жана кошкон салымын көрсөтүп, бул адамдардын укуктарына жана ар-намысына сый мамилени бекемдөөгө чакырат.

БУУнунун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) Кыргыз Республикасында 2019-жылы жүргүзүлгөн изилдөөсүнүн жыйынтыктары жергиликтүү ЖМКларда майыптык шордуулук, пассивдүүлүк же болбосо мамлекеттин же башка адамдардын жардамына көз карандылык катары чагылдырыларын көрсөткөн. БУУнун Өнүктүрүү программасынын (БУУӨП) майыптыгы бар эркектерге жана аялдарга карата тескери стереотиптер тууралуу изилдөөсүндө ЖМК аларды бирдиктүү жана бир өңчөй адамдар тобу катары көрсөтөрү белгиленет, мында медиа мейкиндигинде психикасы бузулган, материалдык жактан камсыз болбогон жана билимсиз адамдын элеси үстөмдүк кылат.

Майыптыгы бар адамдардын коомчулугу майыптыгы бар адамдын анык жана чыныгы элесин, майыптык субмаданияттарынын көп түрдүүлүгүн, ар бир адамдын кадыр-баркы менен өзгөчөлүгүн, анын жалпы коомдун өнүгүшүнө өбөлгө түзө турган мүмкүнчүлүгү менен дараметин көрсөтүш үчүн ЖМКларды биргелешкен ишке чакырат. Дал ошондон улам майыптык маселелерин чагылдыруу боюнча ЖМК үчүн кеп-кеңештерди камтыган колдонмо иштеп чыгуу идеясы жаралып, аны иштеп чыгууга майыптыгы бар адамдардын кыймылындагы активисттер, Кыргызстандын журналисттери жана блогерлер катышты.

Колдонмо төрт бөлүктөн турат. Биринчисинде майыптык түшүнүгү жана майыптыгы бар адамдар тууралуу көз караштарды кайрадан карап чыгууга мүмкүнчүлүк бере турган ар кандай мамилелер чечмеленет. Экинчисинде БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясына негиз болгон, майыптыкты түшүнүүгө карата укук коргоочу мамиле сүрөттөлөт (анын кыскача мазмуну ушул колдонмодо берилген). Үчүнчү бөлүгүндө майыптык тууралуу медиа материалдарды жаратууда сунушталган негизги принциптер келтирилет. Майыптыкты чагылдыруу боюнча майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылынын активисттери сунуш кылган мамилелер колдонмонун төртүнчү бөлүгүндө сүрөттөлөт.

## Жеңил окуш үчүн текстте шарттуу белгилер бар (төмөндө карагыла).

Тексттеги маалыматтын белгилениши

- Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири
- Теориялык маалымат
- Майыптыкты медиада чагылдырууга карата мамилелерди колдонуунун иш жүзүндөгү мисалдары
- Майыптыкты медиада чагылдыруу боюнча сунуштар
- Пайдалуу ресурстар

«Майыптык медиада» колдонмосу кыргыз, орус жана англис тилдеринде иштелип чыккан. Анын электрондук версиясы, ошондой эле ылайыкташтырылган форматтагы (Easy-To-Read), аудиоформаттагы жана Брайл шрифти менен жазылган электрондук версиясы БУУӨПтүн расмий сайтында (БУУӨП: расмий сайт. – URL: https://www.undp.org/kyrgyzstan) жеткиликтүү.

# 1-БӨЛҮК. МАЙЫПТЫКТЫ ТҮШҮНҮҮ

**Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири**

*«Майыптыгы бар кишини адамдар көбүнчө жатып ичер, жүдөө, ойлоно албаган жана сүйлөй албаган киши катары элестетишет. Бирок майыптык – адамдагы ар түрдүүлүктүн табигый бөлүгү. Ал тек гана адам «багынан» улам алып калган статус. Кимдир-бирөө турмуш жолунда ошого туш болгон, кимдир-бирөө башынан эле ошондой төрөлгөн. Баарынан мурда,* ***мен – адаммын, аялмын, андан кийин гана майыптыгы бар адаммын».***



Виктория Бирюкова, укук коргоочу, блогер, феминист, саясий ишмер, «Майыптыгы бар адамдардын «Теңдик» бирикмеси» коомдук бирикмесинин өкүлү.



*«Коом ар кандай адамдардан турат. Алар ар кандай көрүп, сүйлөп, угуп, жылып же ойлонушу мүмкүн; кимдир-бирөөнүн бою узун, кимдир-бирөөнүкү кыска; тулку бою ар кандай – толук же арык чырай адамдар бар. Ушунун баары – ар түрдүүлүктүн тең салмагы.* ***Майыптык – ушул ар түрдүүлүктүн бөлүгү. Жеке мен үчүн майыптык – бул автоунааны кол менен башкаруу».***

Аскар Турдугулов, блогер, «New Age» коомдук бирикмесинин мүчөсү, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылынын активисти

***«Майыптык – бул адамдын колундагы мүмкүнчүлүктөрдүн спектри жана ал туш болгон чектөөлөр.*** *Сыртынан караганда адам жылып жүрүш үчүн таякка же коляскага гана муктаж сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Бирок бул маселелердин көзгө урунган гана жагы. Алар алда канча көп. Майыптыгы ар кандай адамдарда бул маселелер таптакыр ар башка».*



Айпери Аралбаева, майыптыгы бар аялдардын жана кыздардын укуктарын коргоо кыймылынын активисти, майыптыгы бар кыздардын «Назик Кыз» коомдук бирикмесинин мүчөсү.



***«Адамдын майыптыгы коом тарабынан калыпка салынат.*** *Мен Жапонияга барып келгенден кийин ушундай жыйынтыкка келдим. Мен ал жакта мендей эле майыптыгы бар адамдар өзүн кем же өксүк сезбей эле иштеп, спортко катышып, коомдук жайларга барып жүрүшкөнүн көрдүм. Бизде болсо коом майыптыгы бар адамдарга көңүл бурбайт. Биздин өлкөдө* ***биз – көрүнбөс адамдарбыз».***

Канат Абдыжапаров, IT адиси, социалдык ишкер, майыптыгы бар жаштар коомчулугунун өкүлү.

***«Майыптык – бул өзгөчөлүк.*** *Майыптык – бул кайсы бир чектөө же бузук деп эсептеп кереги жок. Бир адам бир нерсе кылып жатса, башкасы аны кыла албашы мүмкүн. Бул ошол киши кайсы бир жагынан чектелген деген кеп эмес. Бардык адамдардын өзгөчөлүктөрү бар, бул ар бир адамды өзгөчө кылат».*



Назира Илимказиева, блогер, көрүүсү начар адамдар коомчулугунун өкүлү.


# МАЙЫПТЫКТЫН АНЫКТАМАСЫ

Теориялык
маалымат

Коомдо майыптыкка карата кандайдыр мүшкүлгө, кемтикке, өксүккө же ooру-сыркоого карагандай мамиле үстөмдүк кылат. Бирок майыптык – бул адамдын мүнөздөмөсү эмес, ал турмуш жолунда туш боло турган тоскоолдуктар жана чектөөлөр.

2001-жылы Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясын (ИЭК) иштеп чыгып, анда «майыптык» жана «ооpу» түшүнүктөрүн ажыратып, майыптык деген эмне экенине түшүндүрмө берген (1-диаграмманы карагыла).

1-диаграмма. Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы, ДССУ, 2001-жыл.



Ден соолуктун өзгөрүшү адамдын жашоосуна таасир этиши мүмкүн (организмдин функциялары жана структуралары). Натыйжада адам белгилүү бир иш-аракеттерди (активдүүлүк) аткарууда кыйын болушу мүмкүн, бул анын күнүмдүк жашоого катышуусунда (катышуу) таасир этет. Мунун баары адам кандай чөйрөдө (айлана-чөйрө факторлору) жашайт жана ал кандай индивидуалдык өзгөчөлүктөргө ээ экендигине, мисалы, жашына, жынысына, социалдык статусуна же жашоо тажрыйбасына (жеке факторлор) көз каранды.

Эгер адамдын ден соолугунун абалында кандайдыр өзгөрүү болсо (оору, жаракат, кемтик, бузулуш, өнүгүү өзгөчөлүктөрү), алар анын турмуш-тиричилигине, башкача айтканда иш жөндөмүнө жана организмдин түзүмүнө (мисалы көрүү, угуу, кеп, кыймыл, дем алуу, кабылдоо, кунт коюу, ойлонуу же эстутум) таасир этиши мүмкүн.

Иш жөндөмүнүн чектелиши адамдын конкреттүү иш-аракеттерди жасай билүү: жылып жүрүү, өзүн өзү тейлөө, башкалар менен өз ара аракеттенүү жана баарлашуу, турмуш-тиричилик жүргүзүү, үйрөнүү жана билгендерин колдонуу жөндөмүнө таасир тийгизет. Адамдын иш жөндөмүнөн жана жигердүүлүгүнөн анын коомдук турмушка аралашуусу: мисалы, мектепте окушу, эмгек кылышы, спортко же саясий турмушка катышуусу көз каранды.

Башка жагынан, адамдын иш жүргүзүшүнө, жигердүүлүгүнө жана коомдук турмушка катышуусуна айлана-чөйрөнүн факторлору жана жеке факторлор таасир этет. Айлана-чөйрөнүн факторлору – бул адам жашаган жагдай: анын үйү, окуган жана иштеген жери, үй-бүлөсү, тааныштар, теңтуштар, чоочун кишилер менен байланышы, транспорт, коммуникация, социалдык тейлөө. Жеке факторлорго жекече мүнөздөмөлөр тиешелүү, алар адамдын жынысын, расасын, жаш курагын, жашоо стилин, адаттарын, тарбиясын, социалдык чөйрөсүн, билимин, кесибин жана турмуштук тажрыйбасын камтыйт. Тигил же бул чөйрөдөгү чектөөлөр адамдын турмушунда келип чыккан чектөөлөр менен кошулганда майыптык болуп эсептелет.

**БУЗУКТАР + БӨГӨТТӨР = МАЙЫПТЫК**

ИЭКтин бул концепциясы БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясына негиз болгон. Анда төмөнкүдөй аныктама берилет:

***«Майыптык — бул эволюцияланып турган түшүнүк, ал адам (анын ден соолугу, аракет жөндөмү, жигердүүлүгү жана бир нерсеге катышуусу) менен ал жүргөн кырдаалдагы контекстуалдык факторлордун (айлана-чөйрөдөгү факторлор жана жеке факторлор) ортосундагы өз ара катышынын натыйжасы болуп саналат. Бул факторлордун өз ара катышынан келип чыккан бөгөттөр майыптыгы бар адамдардын башкалар менен катар коомдук турмушка толук жана натыйжалуу катышуусуна жолтоо болот».***

# МАЙЫПТЫКТЫН МОДЕЛДЕРИ

Ар кайсы маданияттарда жана өлкөлөрдө социалдык элестер, түшүндүрүү ыкмалары шарттуу түрдө майыптыкты түшүнүү моделдери деп аталып, кеңири тараган ынанымдарда, ченемдерде жана практикаларда туюндурулат. Көптөгөн ар түрдүү моделдер бар, бирок төртөө: кайрымдуулук, медикалисттик, социалдык жана маданий моделдер негизгилери болуп эсептелет.

**Кайрымдуулук (ошондой эле салттуу, моралдык, диний) модели** майыптыкты стереотиптүү терс көз караштардын алкагынан түшүндүрөт. Анда бир жагынан майыптык – бул «күнөөлөрдүн жазасы», башка жагынан - «Кудай берген шыбага». Бул модел майыптыкты трагедия же мүшкүл катары карайт, андыктан айланадагылар майыптыгы бар адамды аяп, мээрин төгүп, анын абалына өкүнүп, кайрымдуулук кылып жардам бериши керек. Мындай модел майыптыгы бар адамга карата патерналисттик (колдоо көрсөтүүчү) мамиле кылууга жана аны коомдук турмуштан сүрүп чыгарууга өбөлгө түзөт.

**Медикалисттик (ошондой эле медициналык, административдик, биологиялык) модел** майыптыкты ооруу, кемчилик, кемтик же чектөө катары көрсөтөт: майыптыгы бар адам сыпаты кем жана өз алдынча турмушка жөндөмсүз деп эсептелет. Бул модел майыптыгы бар адамдарды обочолотуп, аларды «оңдоого», «түзөтүүгө» же «ченемге салууга» дуушар кыла турган атайын мекемелерге жайгаштырууга өбөлгө түзөт.

**Социалдык модел (ошондой эле өз алдынча жашоо же иш жүргүзүү модели)** майыптыкты адамдын жеке мүнөздөмөсү эмес, коом түзгөн бөгөт катары карайт. Адамдын муктаждыктарына төп келбеген айлана-чөйрө, коомдогу майыптык тууралуу тескери стереотиптер жана коммуникация маселелери адамдын өз алдынча жана толук жарамдуу турмушта жашоо жөндөмүн чектейт. Бул моделге ылайык, майыптык адамдагы кем-кетиктин айынан эмес, анын турмушуна коом же айлана-чөйрө койгон жасалма бөгөттөрдөн улам келип чыгат.

**Майыптыктын маданий модели (ошондой эле ар түрдүүлүк модели, биопсихосоциалдык модел)** – бул жашоо мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү таандык болгон ар кандай субмаданияттардын ар түрдүүлүгү. Мында бирдей эле майыптыгы бар адамдарда таптакыр ар башка тажрыйба, жүрүш-туруш, баарлашуу ыгы болушу мүмкүн. Бул модел майыптыкка карата стереотиптүү мамилелерден баш тартып, майыптыгына, улутуна, жынысына, расасына, социалдык статусуна, динине же турмуштук тажрыйбасына карабастан коомдун ар бир мүчөсүнүн өмүрүнүн баалуулугун жана маанилүүлүгүн кабыл алуу идеясын жайылтат.

## Медиада майыптыкты чагылдыруу боюнча сунуштар

**1-сунуш.** Медиа материалдарды даярдоодо майыптыкты адамдардын өз ара аракеттеринин натыйжасында түзүлө турган социалдык жактан курулуучу көрүнүш катары кароо зарыл. Майыптык – бул ченемге каршы келүү эмес, адамдык ар түрдүүлүктүн бир бөлүгү. Майыптык – бул оору же ден соолуктун бузулушу эмес, адамдын турмушуна коом коюп жаткан бөгөттөр.

**2-сунуш.** Медиада майыптыкты чагылдыруу майыптыгы бар адамды башка кишилердей эле укуктары, мүмкүнчүлүктөрү, аракет эркиндиги, өз пикири жана тандоо укугу бар коомдун мүчөсү катары тааныган социалдык жана маданий моделдерге негизделиши керек.

**3-сунуш.** Майыптыкты адам жардамга муктаж болгон же кайсы бир кыйынчылыктарды эрдик менен жеңип чыгып жаткан маселе катары көрсөткөн кайрымдуулук жана медикалисттик моделдерде чагылдыруудан оолак болгон оң.

## Пайдалуу ресурстар

# 2-БӨЛҮК. МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ

Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири



*«**Укуктар** – бул мамлекеттен бизге теңата мамиле талап кылышыбыз үчүн таяна турган **тирөөчүбүз**. Бизде укуктарыбыз азырынча толук жүзөгө ашпай жатат, бирок Кыргызстан БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясын ратификациялаганы анын жардамы менен өз укуктарыбыз үчүн күрөшүүгө жол берет».*

Аскар Турдугулов, блогер, «New Age» коомдук бирикмесинин мүчөсү, майыптыгы бар адамдардын укуктарын колдоо кыймылынын активисти.



*«**Майыптыгы бар адамдын укуктарын коом чектейт**. Биздин жашообуз башка адамдар кадыресе эле пайдаланып жаткан түпкүлүктүү укуктар үчүн күрөш үстүндө өтөт. Билим алуу, кесип тандоо, иш табуу, өз алдынча акча табуу, дүкөнгө баруу жана керектүү буюм сатып алуу – башкалар үчүн кадимки эле аракеттер, биз болсо ошонун баарын өз алдынча жасашыбыз үчүн күрөшүүгө аргасыз болобуз».*

Назира Илимказиева, блогер, көрүүсү начар адамдар коомчулугунун өкүлү.



*«Биздин негизги көйгөйүбүз - **өз укугубузду өзүбүз билбегенибизде**. Биз эмнеге талаптана аларыбызды аз эле бөлүгүбүз билет. Коом болсо бизге мыйзам кандай кепилдик береринен ого бетер кабарсыз».*

Канат Абдыжапаров, IT адиси, социалдык ишкер, майыптыгы бар жаштар коомчулугунун өкүлү.

*«Аутисттик спектри бузулган балдардын укуктарын коргош үчүн биз, ата-энелер, коомчулукка бириктик. Аз-аздан кадам таштап жатып чакан, бирок биз үчүн маанилүү натыйжаларга жеттик. Бирок мындай балдарга олуттуу мамлекеттик колдоо жана майыптыгы бар адамдарга коомдун мамилесин өзгөртүү зарыл. **Майыптык – бул өкүм эмес. Ал майыптыгы бар адам башкалар менен катар өз укуктарын пайдалана албай жатканда гана маселеге айланат».***



Жылдыз Сыдыкова, Аутизми бар балдардын «Колдогу кол» коомдук бирикмесинин төрайымы.



*«Биз башкалардай элебиз, биздин жашообузда майыптыктан тышкары башка да маселелер бар. Биз өнүгүп, чогулуп, жалпы коомдун өнүгүшүнө салым кошкубуз келет. **Өз пикирибизди билдиргенге укук бергиле! Коомдун бир бөлүгү экенибизди сезгенге мүмкүнчүлүк бергиле!».***

Кыдырмамбет улуу Дастан, майыптыгы бар жаштар коомчулугунун өкүлү, БУУнун Кыргыз Республикасындагы өлкө боюнча командасынын жаштар кеңешинин мүчөсү.

# БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы

Теориялык маалымат

2002-жылы, майыптыгы бар адамдар өз укуктары жана эркиндиги үчүн ондогон жылдар бою жүргүзгөн күрөштөн кийин, БУУнун Башкы Ассамблеясынын Атайын комитети адам укуктары боюнча келишим даярдап, анда кайрымдуулук жана медикалисттик моделдерден социалдык жана маданий моделдерге өтүүнү сунуш кылган. Ал аркылуу майыптыгы бар адамдарды жардам, түзөтүү жана дарылануу гана «жетиштүү» болгон атыжыты жок объектилер катары кароону токтотуш керек экени айтылган. Анын ордуна бул кишилерди башкалар менен катар укуктарга ээ болгон, аларды коргоого жөндөмдүү, өз турмушунда чечим кабыл алып, коомдун жигердүү мүчөсү боло ала турган кадыресе субъектилер катары кароо сунушталган. Келишим майыптыгы бар адамдар коомдун башка мүчөлөрүндөй эле укуктарга ээ экенин таанып, **адам укуктарына негизделген мамилени** сүрөйт. Бул мамиле **укук коргоочулук** деп аталат. Төрт жылдык талкуудан кийин, 2006-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы кабыл алынган. Бүгүнкү күндө бул документти 185 өлкө жана Европа Биримдиги ратификациялаган. Кыргызстан аны 2019-жылдын май айында ратификациялаган.

***Конвенциянын максаты – майыптыгы бар ар бир кишинин бардык укуктары жана негизги эркиндиги камсыз болуп жана корголуп, анын ар-намысы тиешелүү түрдө урматталышын камсыз кылуу.***

Конвенцияны ратификациялаган ар бир мамлекет майыптыгы бар адамдардын укуктарын жүзөгө ашыруу жана сүрөө милдеттенмесин алат. БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын беренелери 1-таблицада көрсөтүлгөн.

1-таблица.
БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы: беренелердин кыскача баяндалышы

**Преамбула**

Конвенция БУУнун Уставынын, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын жана башка эл аралык келишимдердин негизинде иштелип чыккан.

Ал майыптыгы бар адамдардын ар түрдүүлүгүн, алардын эркиндиги менен өз алдынчалыгын, өзү тандоо укугун, коомдун өнүгүшүнө салым кошуу мүмкүнчүлүгүн таанууну, жыныстык тең укуктуулукту, аялдардын (жана кыздардын), балдардын укуктарын коргоону, жакырчылыкты азайтууну, үй-бүлөнүн укуктарын коргоону алга сүрөйт.

## 1-берене

**Максат**

Конвенциянын максаты майыптыгы бар адамдардын баарынын адамдык укуктарын жана негизги эркиндигин толук жана тең укуктуу жүзөгө ашырууга дем берүү, коргоо жана камсыз кылуу, ошондой эле алардын ар-намысын сыйлоого дем берүү болуп эсептелет.

## 2-берене

**Аныктамалар**

Беренеде «баарлашуу», «тил», «майыптык белгисинен улам кемсинтүү», «жөндүү ылайыкташуу» жана «универсалдуу дизайн» түшүнүктөрүнө аныктама берилет.

## 3-берене

### Негизги принциптер

Конвенция төмөнкү принциптерге негизделген: адамга мүнөздүү ар-намысты, анын өз алдынчалыгы менен эркиндигин, анын ичинде өз алдынча тандоо укугун сыйлоо; кемсинтпөө; коомго толук жана натыйжалуу тартылуу жана аралашуу; майыптыгы бар адамдардын өзгөчөлүгүн сыйлоо жана аларды көп түрдүүлүктүн компоненти жана адам баласынын бир бөлүгү катары кабыл алуу; мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги; жеткиликтүүлүк; эркектер менен аялдардын теңчилиги; майыптыгы бар балдардын башка балдардай эле өнүгүү жөндөмүн сыйлоо жана алардын өз өзгөчөлүгүн сактоо укугун сыйлоо.

## 4-берене

### Жалпы милдеттенмелер

Катышуучу мамлекеттер майыптыгы бар адамдардын баарынын адамдык укуктарын жана негизги эркиндигин майыптыгына карата кемсинтпестен жүзөгө ашырууну камсыз кылууга жана колдоого милдеттенишет.

## 5-берене

### Теңдик жана кемсинтүүнүн жоктугу

Адамдардын баары мыйзам алдында бирдей жана кемсинтүүгө кабылбастан мыйзамдын коргоосунда болууга бирдей укугу бар. Катышуучу мамлекеттер майыптык белгисине карата кемсинтүүнү жоюуга жана андан коргоого милдеттенишет.

## 6-берене

### Майыптыгы бар аялдар

Майыптыгы бар аялдар жана кыздар көптөгөн кемсинтүүгө дуушар болушат, андыктан катышуучу мамлекеттер алардын бардык адамдык укуктарынын жана негизги эркиндигинин толук жана теңчиликте жүзөгө ашырылышын, алардын ар тараптуу өнүгүшүн жана абалынын оңолушун камсыз кылууга милдеттүү.

## 7-берене

### Майыптыгы бар балдар

Майыптыгы бар балдар өз укуктары менен эркиндигин башка балдар менен катар жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүгү болушу зарыл, мында алардын кызыкчылыгы жана аларга тиешелүү маселелер боюнча өз көз карашын билдирүү эркиндиги эске алынышы керек.

## 8-берене

### Агартуу-тарбия иши

Коом майыптык тууралуу маалымдуулукту күчөтүп, майыптыгы бар адамдарга карата стереотиптер, жалган көз караштар жана зыяндуу адаттар менен күрөшүп, алардын дараметин жана анын өнүгүшүнө кошкон салымын таанышы керек.

## 9-берене

### Жеткиликтүүлүк

Майыптыгы бар адамдар өз укуктары менен эркиндигин жүзөгө ашырып, эркин өмүр сүрүп жана бардык чөйрөгө катышуусу үчүн жеткиликтүү айлана-чөйрө түзүлүшү зарыл.

## 10-берене

### Жашоо укугу

Майыптыгы бар адам жашоого укуктуу.

## 11-берене

### Тобокел абалдар жана чукул кырдаалдар

Майыптыгы бар адам кооптуу абалдарда, анын ичинде куралдуу кагылышууларда, чукул гуманитардык кырдаалдарда жана жаратылыш кырсыктарында коргоого алынууга жана коопсуздукка укуктуу.

## 12-берене

### Мыйзам алдында теңдик

Майыптыгы бар адам укуктук жактан корголууга укуктуу жана укук жөндөмдүүлүгүнө ээ.

## 13-берене

### Сот адилеттигинин жеткилиги

Майыптыгы бар адам сот адилеттигинен пайдаланууга укуктуу.

## 14-берене

### Эркиндик жана жеке кол тийбестик

Майыптыгы бар адамдар эркиндик жана жеке кол тийбестик укугу менен камсыз болушу керек.

## 15-берене

### Кыйноодон жана мамиленин таш боор, адамгерчиликсиз же ар-намысты кемсинте турган түрлөрүнөн эркиндик

Эч ким кыйноого же таш боор, адамгерчиликсиз же анын ар-намысын кемсинткен мамилеге кабылып же жазага тартылбашы керек.

## 16-берене

### Эзүүдөн, зомбулуктан жана кордуктан коргоо

Майыптыгы бар адамдар эзүүнүн бардык формаларынан, зомбулуктан жана кордуктан корголушу керек.

## 17-берене

### Инсанды коргоо

Майыптыгы бар ар бир адам башкалар менен катар өз физикалык жана психикалык бирдиктүүлүгүнүн сыйланышына укуктуу.

## 18-берене

### Жер которуу эркиндиги жана жарандык

Майыптыгы бар адамдар жер которуу эркиндигине, жашаган жерин тандоо эркиндигине жана жарандыкка коомдун башка мүчөлөрү менен бирдей укуктуу.

## 19-берене

### Эркин жашоо мүнөзү жана жергиликтүү коомчулукка аралашуу

Майыптыгы бар адамдар башка адамдар менен катар кадимки жерлерде өздөрү тандап жашоого, жергиликтүү коомчулуктун турмушуна катышууга жана аралашууга жана жергиликтүү коомдук кызматтарды пайдаланууга укуктуу.

## 20-берене

### Жеке мобилдүүлүк

Майыптыгы бар адамдар алардын өз алдынчалыгын мүмкүн болушунча көбүрөөк камсыз кылган жекече мобилдүүлүк менен камсыз болушу керек.

## 21-берене

### Пикирин жана көз карашын билдирүү эркиндиги жана маалыматтын жеткилиги

Майыптыгы бар адамдар пикир жана ынаным билдирүү, анын ичинде коомдун башка мүчөлөрү менен катар маалымат табуу, алуу жана жайылтуу эркиндиги менен камсыз болушу керек.

## 22-берене

### Жеке турмуштун кол тийбестиги

Жашаган жерине же турак жай шартына карабастан, майыптыгы бар бир да киши анын жеке турмушуна өзүм билемдик менен же мыйзамсыз кийлигишүүгө дуушар болбошу керек.

## 23-берене

### Үйдү жана үй-бүлөнү сыйлоо

Мамлекет никеге, үй-бүлөгө, аталыкка, энеликке жана жеке мамилелерге тиешелүү бардык маселелерде майыптыгы бар адамдарды кемсинткен жагдайларды жоюшу керек.

## 24-берене

### Билим

Майыптыгы бар адамдар коомдун башка мүчөлөрү сыяктуу эле билим алууга, анын ичинде инклюзивдүү билим алууга укугу бар.

## 25-берене

### Ден соолук

Майыптыгы бар адамдар майыптык белгисине карата кемсинтүүгө дуушар болбостон ден соолуктун мүмкүн болгон эң жогорку деңгээлине укугу бар.

## 26-берене

### Абилитация жана реабилитация

Майыптыгы бар адамдар мүмкүн болушунча эркиндикке, өздөрүнүн физикалык, акыл-эс, социалдык жана кесиптик жөндөмдөрүнө толук жетүү жана аларды сактоо, турмуштун бардык өңүтүнө толук аралашуу жана катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Бул үчүн алар абилитация жана реабилитация кызматтары менен камсыз болууга тийиш.

## 27-берене

### Эмгек жана жумуштуулук

Майыптыгы бар адамдар башкалар менен катар эмгекке жана жумуштуулукка укугу, тандоо мүмкүнчүлүгү бар.

## 28-берене

### Жетиштүү турмуш деңгээли жана социалдык коргоо

Майыптыгы бар адамдар өздөрүнүн жана үй-бүлөлөрүнүн жетиштүү турмуштук деңгээлине, анын ичинде тамактанууга, кийимге жана турак жайга, ошондой эле турмуш шартын тынымсыз жакшыртууга укугу бар.

## 29-берене

### Саясий жана коомдук турмушка катышуу

Майыптыгы бар адамдар саясий укуктарга ээ жана аларды башкалар менен катар пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар.

## 30-берене

### Маданий турмушка, эс алууга жана спортко катышуу

Майыптыгы бар адамдар маданий турмушка катышууга, эс алууга жана спорт менен машыгууга укугу бар.

## 31-берене

### Статистика жана маалымат топтоо

Катышуучу мамлекеттер бул конвенцияны аткаруу максатында стратегияларды иштеп чыгып жүзөгө ашырыш үчүн тиешелүү маалыматтарды, анын ичинде статистикалык жана изилдөөчүлүк бергилерди топтоого милдеттенет.

## 32-берене

### Эл аралык кызматташтык

Катышуучу мамлекеттер бул конвенциянын максаттарын жана милдеттерин аткаруу боюнча мамлекеттик деңгээлдеги аракеттерди колдоо иретинде эл аралык кызматташтык жана ага колдоо көрсөтүү маанилүү экенин белгилешет.

## 33-берене

### Конвенциянын мамлекетте ишке ашырылышы жана байкоо

Катышуучу мамлекеттер өкмөттө бул конвенциянын аткарылышына байланышкан маселелерге көз сала турган инстанция дайындашат, анын аткарылышын байкоо механизмин түзүшөт, мында майыптыгы бар адамдардын кызыкчылыгын коргогон жарандык коом бул жараянга катышат.

## 34-берене

### Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитет

БУУнун карамагында Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитет түзүлөт.

## 35-берене

### Катышуучу мамлекеттердин баяндамалары

Ар бир катышуучу мамлекет бул конвенция боюнча өз милдеттерин аткарыш үчүн көргөн чаралары жөнүндө ар тараптуу баяндаманы БУУнун Баш катчысы аркылуу Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитетке берет.

## 36-берене

### Баяндамаларды кароо

Ар бир баяндама комитетте каралып, ал ошол боюнча сунуштарды жана жалпы кеңештерди берет.

## 37-берене

### Катышуучу мамлекеттер менен комитеттин ортосундагы кызматташтык

Ар бир катышуучу мамлекет комитет менен кызматташып, анын мүчөлөрүнө өз мандатын аткарууга жардам берет.

## 38-берене

### Комитеттин башка органдар менен мамилеси

БУУнун атайын мекемелери жана башка органдары конвенциянын жоболорун ишке ашыруу жөнүндө маселелер каралып жатканда өкүлчүлүк кылууга акысы бар. Зарыл учурда комитет башка тиешелүү органдар менен өз ара кеңешет.

## 39-берене

### Комитеттин баяндамасы

Комитет Башкы Ассамблея менен Экономикалык жана социалдык кеңештин алдында өз ишмердүүлүгү тууралуу эки жылда бир баяндама жасайт.

## 40-берене

### Катышуучу мамлекеттердин конференциясы

Катышуучу мамлекеттер бул конвенцияны жүзөгө ашырууга тиешеси бар кандай гана маселени болбосун караш үчүн такай конференцияга чогулуп турушат.

## 41-берене

### Депозитарий

Конвенциянын депозитарийи болуп БУУнун Баш катчысы эсептелет.

## 42-берене

### Кол коюу

Бул конвенция бардык мамлекеттердин жана уюмдардын кол коюшу үчүн ачык турат.

## 43-берене

### Милдеттүүлүккө макулдук берүү

Конвенция ага кол койгон мамлекеттерде ратификацияланып, ага кол койгон уюмдар тарабынан расмий ырасталышы керек.

## 44-берене

### Аймактык интеграция уюму

«Аймактык интеграция уюму» анык бир аймактагы эгемен мамлекеттер түзгөн уюмду билдирет, анын компетенциясына ушул конвенция жөнгө салуучу маселелер кирет.

## 45-берене

### Күчүнө кирүү

Конвенция жыйырманчы ратификациялык грамота же кошулуу жөнүндө документ сактоого өткөрүлгөндөн отуз күн өткөн соң күчүнө кирет.

## 46-берене

### Эскертмелер

Бул конвенциянын объекти жана максаты менен келишпей турган эскертмелерге жол берилбейт жана аларды алып таштаса болот.

## 47-берене

### Түзөтүүлөр

Кайсы гана катышуучу мамлекет болбосун конвенцияга түзөтүү сунуш кылып, аны БУУнун Баш катчысына берсе болот.

## 48-берене

### Денонсация

Катышуучу мамлекет БУУнун Баш катчысын кат жүзүндө кабардар кылуу аркылуу бул конвенцияны денонсация кыла алат.

## 49-берене

### Жеткиликтүү формат

Конвенциянын тексти жеткиликтүү форматтарда камсыз болууга тийиш.

## 50-берене

### Ырасталган тексттер

Конвенциянын англис, араб, испан, кытай, орус жана француз тилдериндеги тексттери бирдей болуп эсептелет.

## Майыптыкты медиада чагылдыруу боюнча сунуштар

**1-сунуш.** Медиада майыптыкты чагылдыруу укук коргоочулук мамилеге жана төмөнкү принциптерге негизделүүгө тийиш:

- адамга мүнөздүү ар-намысты, анын өз алдынчалыгын, анын ичинде тандоо эркиндигин жана көз каранды эместигин сыйлоо;
- баарына кемсинтпестен бирдей мамиле кылуу;
- майыптыгы бар адамдарды коомго толук жана натыйжалуу тартуу жана аралаштыруу;
- майыптыкты сыйлоо жана аны адамзаттын ар түрдүүлүгүнүн компоненти жана адам баласынын ажырагыс бөлүгү катары кабыл алуу;
- майыптыгы бар жана жок адамдардын теңчилиги;
- чөйрөнүн жеткиликтүүлүгү (бөгөттөрдү жоюу);
- эркектер менен аялдардын теңчилиги;
- майыптыгы бар балдардын жөндөмүн жана алардын өз өзгөчөлүгүн сактап калуу укугун сыйлоо.

**2-сунуш.** ЖМК Кыргызстан 2019-жылы ратификациялаган, БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын жоболорун сактоого чакырылат.

**3-сунуш.** ЖМКга БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы тууралуу коомдун маалымдуулугун арттыруу сунушталат.

Пайдалуу ресурстар

# 3-БӨЛҮК. МАЙЫПТЫКТЫ МЕДИАДА ЧАГЫЛДЫРУУНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири

*«Бизди, майыптыгы бар адамдарды, көп учурда «дүжүр каарман» катары чакырышат. Бирок биз өзүбүз медиа материал жаратып, режиссер, сценарист, сүрөтчү, артист, музыкант, коюучу, оператор, үн режиссеру жана башка адис катары дараметибизди ачыш үчүн бул кырдаалды өзгөртүш керек».*



Нишана Жээналиева, кинорежиссёр-документалист.



*«ЖМКда майыптыгы бар адамдар сейрек учураган, адаттан тышкаркы адамдар катары көрсөтүлөт. Ар бир материал «майыптыгына карабастан бул киши тигиге же буга жетишти» деген салттуу сүйлөм менен башталат. Бизге өмүр бою баатыр болчу кишилердин сапаттарын ыйгара бербегиле! Бул сүйлөмдөгү «майыптык» дегенди башка сөзгө алмаштырып көрөлүчү. Анда «төрт тиши жоктугуна карабастан, компьютердик сабатын ачып алды» же «сокур ичегиси жоктугуна карабай, өз ишин ачты» дегендей эле болуп калат.* ***Биз – өзгөчө эмес, кадимки эле кишилербиз****. Бизди көктөн түшкөн бирөөгө айландырып албагыла!».*

Аскар Турдугулов, блогер, «New Age» коомдук бирикмесинин мүчөсү, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылынын активисти.

*«Майыптыгы бар ар бир адамдын өзүнчө кайталангыс тажрыйбасы бар. Бирок медиа майыптыгы бар бир кишини көрсөтүп жатып, анын тажрыйбасы майыптыгы бар кишилердин баарына тиешелүү деп ынандырууга аракет кылат. Көзү көрбөгөн киши менен таяныч-кыймыл аппараты бузулган кишинин көйгөйү таптакыр эки башка болушу мүмкүн. Биз баарыбыз – өтө ар түрдүүбүз.* ***Майыптыктын бир түрү менен жашаган адам майыптыктын бардык түрлөрү боюнча дайыма эле эксперт боло албайт».***



Айпери Аралбаева, майыптыгы бар аялдардын жана кыздардын укуктарын колдоо кыймылынын активисти, «Назик Кыз» коомдук бирикмесинин мүчөсү.



***«Эреже катары майыптык социалдык блокто чагылдырылат****, андыктан майыптыгы бар адамдар тууралуу пенсия менен жөлөк пулга муктаж болгон кишилердей эле пикир калат. Балдарыбыздан видеого түшүүнү суранып жатышканда бизге жазылышына катышпаган даяр сценарийди беришет. Бизден интервью сурап калышса материалды жарык көргөнгө чейин бизге текшерүүгө кайра жиберген учурлар сейрек кездешет. Анан биз медиада колдонулган «Даун синдромунан кыйналган бала» же «оорукчан», «окууга жөндөмсүз», «көйгөйлүү» деген терминология балдарыбызга боор ооруткан, жан ачыткан мамиле чакырууга багытталганын көрүп калабыз.* ***Коомдун майыптыкка карата мамилесин өзгөртүүнү тилди өзгөртүүдөн башташ керек».***

Айчурок Кулмирзаева, Даун синдрому бар баланын энеси, Даун синдрому бар балдардын ата-энелеринин «Сантерра» коомдук фондунун өкүлү.

***«Майыптыгы бар адамдын жакын чөйрөсү*** *(үй-бүлөсү, туугандары, достору)* ***анын өз мүмкүнчүлүгүн жүзөгө ашыруусунда маанилүү роль ойнойт****: эгер алар аны колдосо, анын ишке ашуу мүмкүнчүлүгү кыйла көбөйөт. Бирок алар майыптык тууралуу стереотиптердин таасири астында болушу да мүмкүн, ошондуктан анын жакындарына да түрткү бериш керек. Үй-бүлөлөрдүн маалымдуулугу алардын майыптыгы бар жакындарына жардам берет».*




Искендер Алиев, кинорежиссёр, «Kyzyk Media».

# 1-принцип. Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!

Теориялык маалымат

«Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!» деген чакырык адамдардын кайсы бир тобу өзү толук жана түз катышмайынча ал топторго карата саясатты эч ким аныктабашы керек деген идеяны туюндуруш үчүн жүздөгөн жылдар бою ар кандай маданияттарда колдонулуп келатат. Бул саясий, социалдык жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдөн оолак калган адамдарга тиешелүү.

1990-жылдары жазуучу жана активист, майыптыгы бар адамдардын укуктары үчүн күрөшүүчү Жеймс Чарлтон ушундай аталыштагы китеп жазып, бул чакырыкты майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылына колдонгон. Анда ал майыптыгы бар адамдар аларга эмне керек экенин жакшыраак билерин кеп кылат. Андыктан алар мындай адамдардын муктаждыктарына эң ылайык келген мыйзамдарды, саясатты жана ылайыктамаларды иштеп чыгууга өз салымын кошууга тийиш. Бул чакырыкты коомдун социалдык, саясий, маданий жана экономикалык турмушуна майыптыгы бар адамдардын катышуусун сүрөгөн глобалдык кыймыл колдоно баштаган. Бул нукура инклюзивдик коомдун өнүгүшүнө жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын жүзөгө ашырууга жолтоо болуп жаткан бөгөттөрдүн жоюлушуна өбөлгө түзөт.




«Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!» принциби БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясына негиз болгон. Ал бул теманы медиада чагылдырууда да негиз болуп эсептелет. Бул майыптыгы бар адамдар өз пикирин айтууга, медиа материалдардын даярдалышына катышууга жана маалымат таратуу каналдарына жеткиликтүү болууга укуктуу деген кеп.

Майыптыгы бар адамдардын өздөрү, алардын турмушу жана тажрыйбасы медиа материалдарда (китептерде, фильмдерде, комикстерде, телешоуда, подкасттарда ж.б.) канчалык так жана туура чагылдырылганы зор мааниге ээ. Майыптыкты майыптыгы бар адамдардын өз тажрыйбасынан улам анык чагылдыруу аны гумандаштырууга, медиада үстөмдүк кылган стереотиптер менен калыптарды бузууга, майыптык маселесин коюуда бир ченемдүүлүктөн же бир жактуулуктан оолак болууга жол берет. Андыктан майыптыгы бар адамдардын эл аралык коомчулугу медиа материалдарды жаратыш үчүн майыптыгы бар кадимки адамдар өздөрүн өздөрү көрсөтүп, кеңеш берип, продюсер, режиссер болуп, тартып, үндөштүрүп, роль ойногону маанилүү деп ынандырат. Бул бир эле жолку жана кайталангыс тажрыйба эмес, стандарт жана норма болушу зарыл.

***Майыптыкты так сүрөттөө гана ал тууралуу жалган түшүнүктөрдү жок кылат.***

# 2-принцип. Майыптык субмаданияттарынын ар түрдүүлүгү

Теориялык маалымат

Азыркы медиада майыптыктын үстөмдүк кылган, «калыптагы» элеси болуп майып коляскасы эсептелет, ал өз алдынча жүрүү жөндөмүнүн жоктугун, көз карандылыкты жана дене-бойдун аракетсиздигин туюндурат. Айрым учурларда коляска кишиси жок тартылат, ошентип майыптык жеке өзгөчөлүктөрдөн ажыратылат. Кыргызстанда майыптык кандай чагылдырылып жатканын карап чыгыш үчүн майыптыкка тийиштүү кайсы маселе болбосун коляска менен коштолуп, ал айрым учурларда ал тургай кишиси да жок тартылганын көрүү жетиштүү (сүрөттү карагыла).



## Майыптык коляскасы чөйрөнүн жеткиликтүүлүгүнүн символу катары



1968-жылы Сюзанна Кефоед аттуу дизайнер студент кыз «Rehabilitation International» жана Стандартташтыруу боюнча эл аралык уюм (ISO) өткөргөн сынакка бөгөтсүз имараттар үчүн белгинин өзү ойлоп тапкан версиясын алып чыккан. Бул символ Европа өлкөлөрүндө кеңири тарай баштаган. 1994-жылы БУУ аны бөгөтсүз дизайндын башкы элементи катары жактырып, натыйжада ал жеткиликтүүлүктүн эл аралык символу болуп калган, аны дүйнө жүзү боюнча токтотмолордо, ишканаларда, ажатканаларда, коомдук транспорт түйүндөрүндө, парктарда жана башка жерлерде көрсө болот.



2009-жылы Сара Хендрен менен Брайн Гленни жеткиликтүүлүктүн эскирген дизайнын кайрадан иштеп чыгышкан. Майыптык коляскасында отурган киши кыймылдабай, жетчү жерине башкалар түртүп коюшун күтүп турган мурунку белгиден айырмаланып, жаңысы колясканы өзү башкарып, алга умтулган адамдын элесин берет. Бул символ Технологиялар жана жеткиликтүүлүк боюнча эл аралык комиссия жана «Rehabilitation International» тарабынан ISO 7001 үлгүсүндөгү эл аралык стандарт катары колдоого алынган.



2017-жылы майыптыгы бар адамдардын эл аралык коомчулугу коляскадагы адамдын элесин сындап чыккан, анткени майыптыгы бар адамдардын баары эле коляска колдоно бербейт. Алардын пикиринде, мындай калыпка түшкөн универсалдуу символ стигманы түбөлүккө калтырып, адамдардын аң-сезиминде майыптык тууралуу бир жактуу түшүнүк калтырат, анткени майыптыгы бар адамдардын көбү коляска колдонбойт. Майыптыгы бар адамдар кыймылынын активисттери «биз коомду адамдын дене-бою «кыймылдуу» болуп, физикалык аракеттин анык бир чегине жеткенде гана баалуу деген ойго салгандан этият болушубуз керек» деп эсептешет. Андыктан алар майыптыктын ар түрдүүлүгү көрсөтүлгөн элес жаратууну сунуш кылышат.

Майыптыктын бир нече түрү бар, мында алардын айрымдары бир түргө батпайт, ошол эле учурда майыптыктын бир нече түрү менен жашаган кишилер кездешет. Төмөндө айрым категориялар келтирилген, бирок алардын ар биринин ичинде ар кандай формалары бар.

**Интеллектуалдык майыптык** коммуникациядагы, окуудагы жана маалыматты түшүнүүдөгү кыйынчылыктарда билинип, ал күнүмдүк турмушта, өзүн өзү тейлөөдө, коопсуздукта, баарлашууда жана социализацияда көрүнөт. Майыптыктын бул түрүнө Даун синдрому, Х-хромосоманын сынык синдрому (Фрагил синдрому), Прадер-Вилли синдрому, феталдык алкоголдук спектрдин бүлүгү жана башкалар кирет.

**Психосоциалдык майыптык** адам өзүн кандай сезип, ойлонуп, алып жүрүп жана башкалар менен кантип аракеттенишине таасир эткен бир катар абалдарды бириктирет. Бул түргө аутисттик спектрдин бүлүгү, биполярдык бүлүк, чочутма бүлүк, шизофрения, нерв анорексиясы, обсессивдик-компульсивдик бүлүк, дененин дисморфиялык бүлүгү жана башкалар кирет.

**Сенсордук майыптык** — сезүү органдарынын ишинин бузулушу. Майыптыктын бул түрүнө көрүүнүн, угуунун, сезүүнүн (теринин сезгичтиги), вестибулярдык аппараттын бүлүктөрү ж. б. кирет.

**Физикалык майыптык** бул адамдын физикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн жана/же кыймылдуулугунун убактылуу же туруктуу чектелиши. Бул түргө жүлүндүн жаракаты, Spina bifida (омуртканын ажырашы), церебралдык шал, муковисцидоз, талма, чачыранды склероз, булчуң дистрофиясы, Туретт синдрому, дварфизм (бойдун кыскалыгы) кирет.

**Көп түрдүү майыптык** — бул майыптыктын эки же андан көп түрүнүн айкалышы. Мисалы, адамда бир эле учурда сенсордук жана интеллектуалдык майыптык болушу мүмкүн.

Ошондой эле **тубаса** жана турмуш жолунда **дуушар болгон** майыптык болот, бул да адамдын өзүн кабыл алышына жана өзүн аныкташына таасир этет. Майыптыгы бар адамдардын көбүндө **көрүнбөс майыптык** бар, ал сырттан караганда байкалбайт.

Майыптыгы бар адамдар коомдун ар кайсы топторунун өкүлү болуп, анын өнүгүшүнө салым кошушат. Медиага алардын ар кайсы ролдордогу: мисалы, кайсы бир тармак боюнча адис, бүлө куруп, бала тарбиялаган адам, мигрант же качкын статусунда калып, спорт, чыгармачылык же искусство менен алектенген, ар кайсы улуттун, жыныстын, жаш курагынын өкүлү болгон киши катары тажрыйбасын ачуу сунушталат.


## Социалдык тармактар аркылуу чөйрөнүн жеткиликтүүлүгүн чагылдыруу



Аскар Турдугулов - Оскар Райс деген ник менен белгилүү болгон кыргызстандык блогер, майыптыгы бар адамдардын укуктарын колдоо кыймылынын активисти. Социалдык тармактарда майыптыгы бар адамдар туш болгон, мисалы чөйрөнүн жеткилиги жана ишке орношуу боюнча кыйынчылыктар тууралуу айтып берип турат. Ошол эле учурда ал катталуучуларына саякаттары, Кыргызстанда болуп жаткан кызыктуу жана маанилүү окуялар тууралуу баяндайт. Майыптыгы бар адамдар коомчулугунун көптөгөн өкүлдөрү үчүн ал ролдук модел болуп эсептелет, анткени майыптык коляскасын колдонгон кишинин тың жашоо мүмкүнчүлүгү тууралуу алардын түшүнүгүн кеңейтет.

## АСБсы бар баланын күнүмдүк тажрыйбасы ата-энесинин көзү менен







Айдай Иманкулова өз блогунда аутисттик спектрдин бүлүгү (АСБ) менен жашап келаткан 16 жаштагы кызы Рабиганын күнүмдүк турмушу жана өнүгүшү тууралуу баяндайт. Социалдык тармактардагы өз баракчаларында Айдай кызынын жүрүш-турушу жана айланадагы дүйнөнү кабыл алышы өзгөрүп, коммуникация, социализация жана ылайыкташуу ыктары өнүгүп келатканын сүрөттөйт. Рабига жирафтардын сүрөтүн тартканды жакшы көрөт, анын сүрөттөрү бул кыз бир нече жыл келип жүргөн «Колдогу кол» борборунун АСД тууралуу маалымат таратышынын символу болуп калды. Учурда Рабига жигердүү жашоо менен жашап жүрөт: пианино ойногонду, ырдаганды үйрөнүп, бассейнде сүзүп, жаратылышка чыгып, бүт Кыргызстан боюнча саякаттап, сүрөт тартып, англис тилин үйрөнүп жатат. Бул блогдун шарапаты менен АСДсы бар көп балдардын ата-энелери шыктанып, демденип, ишеними артып, өз ата-энелик компетенциясын өнүктүрүп жатышат.

## Дүлөйлөр маданиятынын адабиятта сүрөттөлүшү

2022-жылы «Harper Collins Publishers» басмасы тарабынан Найл ДиМарконун «Дүлөйлөрдүн утопиясы: мемуарлар жана жашоо мүнөзүнө ашыктыкты билдирүү жөнүндө кат» аттуу автобиографиясы чыгарылган. Анын автору – актёр, продюсер, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылынын активисти, модел, сыналгыдагы реалити-шоунун эки сыйра жеңүүчүсү жана дүлөйлөрдүн эл аралык коомчулугунун маданий аздеги. Өз китебинде ал өз турмушу, анын ичинде Квинсте (Нью-Йорк, АКШ) дүлөйлөрдүн үй-бүлөсүндө төрөлүшү, өнүгүшү жана мектептеги окуусу, андан соң чоңоюп, көп багыттуу карьера түзүшү жөнүндө баяндайт.



# 3-принцип. Майыптыгы бар адамдардын анык образы

Азыркы дүйнөдө ЖМК көп кишилер үчүн тышкы дүйнөгө караган терезе болуп, адамдар күнүмдүк турмушунда ээ болгон тажрыйбанын алкагынан чыккан турмуштук жагдайлардын кеңири спектрине жеткилик берет. Андыктан майыптыгы бар адамдар медиада кандай чагылдырылып жатканы майыптык туурасында коомдун, айрыкча мындай кишилер менен жеке байланышы болбогон адамдардын түшүнүгүн калыптандырууга зор таасир тийгизет.

Майыптыгы бар адамдардын көбү толук баалуу, жигердүү, кадимки турмушта жашайт. Алар аяй бере турган бирөө же кыйынчылыкты жеңген баатыр деле эмес, башка адамдардай эле коомдун мүчөсү. Андыктан аларды коомчулуктун көзүнчө мокочо же байкуш көрсөтпөй эле өз муктаждыктары, кызыкчылыктары, мүмкүнчүлүктөрү, жөндөм-дарамети, анын ичинде майыптыгы да бар адамдар катары көрсөтүш керек. Майыптыгы бар адамдар аларды «кадимки жагдайдагы кадимки адамдар» катары көрсөтүүнү, тагдырга таарынган, ызаланган, жаалданган же аялуу кишилер деп элестетпөөнү өтүнүшөт. Медиа материал даярдоодо жасалма элес жаратпастан, ыңгайлуу жана табигый шарт түзүп, адамдар өз оюн айтышына мүмкүнчүлүк бериш керек.

Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири

## Майыптыктыгы бар адамдар – шыктануунун булагы эмес (inspirational porn)



Австралиялык комедиялык актриса жана укук коргоочу Стелла Яң TEDxте сүйлөгөн сөздөрүнүн биринде майыптыгы жок кишилерди шыктандырыш үчүн медиада майыптыгы бар адамдын элесин пайдаланууну сындап чыккан. Майыптыгы бар адамды анын базалык муктаждыктарды канааттандыруудагы жетишкендиктерине (билим алуу, ишке орношуу, өзүн өзү тейлөө) басым жасап, башкалар менен салыштырганда жана муну тоскоолдуктарды баатырдык менен жеңип өтүү катары баалаганда чындап келсе адамдардын аң-сезиминде майыптык кандайдыр өзгөчө нерсе экен деген түшүнүк калат. Майыптыгы бар адамдарды ролдук модел катары («карачы, ушунун колунан келиптир, анан сенин эмнең кем» деп) колдонууну ал «шыктануу үчүн объект» (англисче түп нускасында «inspirational porn») деп атайт. Чындап келсе майыптыгы бар адамдар башкалардай эле, көптөгөн тоскоолдуктарга учурайт, башка адамдардай эле жетишкендиктери да болот. «Мен майыптык өзгөчөлүк эмес, кадыресе көрүнүш болгон дүйнөдө жашоону каалайт элем. Мен майыптыгы бар адамдар эртең менен керебеттен турса же өз атын эстесе деле куттуктап, алардан ушунчалык аз нерсени күтпөгөн дүйнөдө жашагым келет. Биз майыптыгы бар адамдардын чыныгы жетишкендиктерин баалай турган дүйнөдө жашоону каалайм», дейт ал.

# 4-принцип. Тескери стереотиптер менен багыттамаларды жоюу

Теориялык маалымат

**Америкалык изилдөөчү Пол Лоңмор дүйнөдө майыптыктын көрсөтүлүшүн изилдеп көрүп, эң кеңири тараган үч элести бөлүп көрсөткөн :**

- майыптыкты маргиналдаштыруу: майыптык жаза, жүк же айласыздык катары көрсөтүлөт;
- майыптыгы бар адамдарды ыңгайлаштыруу: коомдо/көпчүлүк коомдо жашоого ыңгайлаштыруунун татаал процесси, обочолоо, социалдык иерархия;
- майыптык дисфункция: тиричиликти, мүмкүнчүлүктү жана жөндөмдү чектөө.

**Англиялык изилдөөчү Колин Барнс бул тизмени кеңейтип, медиада майыптык тууралуу калыптанып, ошондой эле тескери мүнөз күткөн он бир элести көрсөткөн :**

- майыптык аеонун жана боор ачуунун объектиси катары;
- майыптык зомбулук объектиси катары;
- майыптыгы бар адамдын ызаланышы;
- коомдун майыптыкка кызыгышы;
- майыптыгы бар киши өзгөчө жөндөмдөргө ээ болгон тирукмуш адам катары;
- майыптык шылдыңдын объектиси катары;
- майыптыкты адамдын өзү терс кабыл алышы;
- майыптык тегеректегилер үчүн жүк катары;
- майыптык сексуалдык девиация катары;
- майыптык коомдук турмушка катышууга жөндөмсүздүк катары;
- майыптык «соо эместик» – коомдо кабыл алынган ченемдерге каршы нерсе катары.

**Медиада майыптыкка карата тескери стереотиптердин жана багыттамалар кайталанып жаткандары коомчулукта төмөнкү көрүнүштөрдүн келип чыгышынан көрүнөт:**

- майыптыгы бар адамдар менен баарлашуудагы коркунуч, уят же тартынуу;
- майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенүүдөн качуу;
- майыптыгы бар адамдын өз алдынча аракет кылышына, өз алдынча чечим кабыл алышына жана коомдук турмушка жигердүү катышуусуна жол бербеген камкордуктун (ашкере камкордуктун) көрүнүшү;
- майыптыгы бар адамдарды атайын мекемелерде: атайын бала бакчаларда жана мектептерде, психоневрологиялык интернаттарда, стационардык борборлордо же социалдык айылдарда обочолотуу;
- ата-энелер майыптыгы бар өз балдарына кам көрүүгө жана аларды өнүктүрүүгө компетенциясы жетеринен күмөн санашы;
- уялаштары жана башка жакын туугандары майыптыгы бар бир тууганы бар экенинен уялып, аларды тегеректегилерден жашырууга аракет кылышы;
- майыптыгы бар адамдар өз мүмкүнчүлүгүнө жана жөндөмүнө ишенбей, анын айынан өзүн төмөн баалашы;
- аткаминерлер майыптыгы бар адамдарды коомдун кадыресе мүчөлөрү катары кабыл албай, аларды чечим кабыл алууга тартпай, адамдардын бул тобуна карата кайырымдуулук аркылуу гана мамиле кылышы;
- коом майыптыгы бар адамдардын муктаждыктарына көңүл бурбай, алардын укуктарын ишке ашырууга бөгөт коюшу.

«Майыптыкты демистификациялоо» китебинин автору жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылынын активисти Эмили Ладау медиада майыптык жаатындагы көз жазгыруунун алты стратегиясын бөлүп көрсөтөт.

### Турмуштук учурлар




Медиада майыптыгы бар адам коом түзгөн бөгөттөрдү жеңип чыгып жаткан жекече мүнөздөгү учурлар эреже катары «адамдардын жүрөгүн эритип», миллиондогон көрүүчүлөрдү өзүнө тартып кеңири жайылат: мисалы, шал болгон адам майыптык коляскасынан туруп, нике тоюндагы алгачкы бийге кошулат, же Даун синдрому бар адам көзүнө жаш алып билимин тастыктаган дипломду алып жаткан болот. Эмили Ладау мындай учурлар эйблизмдин (майыптыгы бар адамдарга салыштырмалуу майыптыгы жок адамдардын артыкчылыгын негиздеген кемсинтүү) калыптанышына алып келет, анткени мындай жетишкендиктер сейрек кездешкен өзгөчө нерсе эмес, кадимки ченем болушу керек деп эсептейт. Майыптыгы бар адамдардын баары бүлө күтүп, билим алууга укуктуу болушу керек.

### Ашкере үмүт артуу

Майыптыгы бар адамдарды чагылдырып жатып ЖМКлар көп учурда же сыпаты кем кишини же тирукмуш кыйын адамды сүрөттөй берип эки жактан тең аша чабышат. Бир жагынан алар «кыйынчылыктарды жеңип, майыптыгына карабастан тоого чыккан» адам жөнүндө айтышат, башка жагынан - «мелдеште акыркы орун алып, бирок баарын шыктандырган кишини» кеп кылышат. Эки учурда тең майыптыгы бар адамдардын жетишкендиктери кеп болот, бирок алар «тирукмуш» жөндөмгө эмес, бардык адамдар сыяктуу эле ар кандай жөндөмдөргө ээ экендиги айтылбайт.

### «Сенин жакшылыгыңдын иши болбосун»

ЖМКлар көп учурда майыптыгы бар адамдарды кембагал, жардамга муктаж киши катары сүрөттөшөт. Интернетте ресторандын кызматкери колу-башы калтыраган бейтаанышка тамак берип отурганы же кайсы бир жигит көзү көрбөгөн кишини көчөдөн өткөрүп жатканы тууралуу аудиториянын ичин элжиретип, көз жашын кылгырткан роликтер популярдуу. Мында майыптыгы бар адам жардам сурап кайрылган-кайрылбаганы жана ал өзүн тартууга уруксат берген-бербегени белгисиз. Адамдарда майыптыгы бар кишиге жардамга келүү – медиада майыптыгы жок кишинин «жакшылыгын» даңазалоого басым жасачу учур деген ынаным күч. Бирок, Эмили Ладаунун пикиринде бул анча деле жакшылык эмес.

### Физикалык майыптыктын «трагедиясы»

ЖМКлар майыптыкты трагедия – майыптыгы бар адамдын өзүнүн эле эмес, жакындарынын да башына түшкөн мүшкүлдүү тагдыр катары абдан көп сүрөттөшөт. Көптөгөн фильмдер менен телешоуларда майыптыктын «трагедиясы» майыптыгы жок кейипкердин өнүгүшүнө түрткү берген окуя катары кызмат кылат. Мындай баяндар жүрөк жылытышы керек, бирок чындыгында майыптыгы бар адамдын турмушу кыйноо менен ооруга жык толгон сыяктуу тескери стереотиптерди жайылтат.

### Психикалык бүлүктөрдү стигмалоо

Психикалык бүлүктөр медиада коркунучтуу жана опурталдуу ооpу катары сүрөттөлөт, ал эми андай көйгөйү бар адамдарды «жин оорулуу», «акылдан азган» же «акыл-эси жайында эмес» деп аташат. Адамдарда психикалык бүлүктөрү бар кишилер башкаларга зомбулук кылышы ыктымал деген түшүнүк калыптанат. Ошол эле учурда психикалык бүлүктөрү бар кишилер кылмыш кылбай эле көбүнчө зомбулуктун курмандыгы болорун изилдөөлөр көрсөткөн.

### Фриктер жана «ченемге каршылык»

Медиада мындан тышкары майыптыгы бар адамдын бир кызык жана күлкүлүү, адаттан тыш кебетеси чагылдырылган элеси жайылтылып, бул аудиторияга зоок катары көрүнөт, ал эми чынында майыптыгы бар адамдарды мазактап, аларды басмырлоого, аларга акаарат келтирүүгө, таш боордук кылууга өбөлгө түзөт.

# 5-принцип. Сыпайы тилди колдонуу

Тил кудуреттүү кыймылдаткыч күч болуп эсептелет. Майыптыкты чагылдырыш үчүн колдонулган сөздөр коомдун майыптык тууралуу көз караштарынын калыптанышына, тескери стереотиптер менен багыттамалардын бекемделишине таасир этет жана ал тургай эгер мазактоочу мүнөздө болсо кемсинтүү болуп эсептелет.

Майыптыкты аныктоодо колдонулган тил **«адегенде адам, анан майыптык»** деген принципке негизделиши керек. Мисалы, *майыптыгы бар адам, БЦШсы бар бала, мүчөлөрү кесилген аял, коляска менен жылып жүргөн эркек киши. Ал эми «БЦШчы», «даун», «чолок» же «коляскачан», «балдакчан», «акыл-эси артта калган», «өзгөчө балдар»* деген тескери аталыштарды коюуну колдонбой эле койгон оң. Тескери аталыш кайсы бир жагынан айырмаланып турушу мүмкун болгон адамдардын тобуна коомдун текебер мамилесин чагылдырат.

Майыптарга карата тилдеги кеңири тараган көрүнүш эвфемизмдер майыптыкты жумшарткан сөздөр болуп эсептелет. *«Башка шыгы бар», «күндөй балдар», «көпөлөк балдар», «периште адамдар», «борпоң/назик адамдар», «өзгөчө муктаждыгы бар балдар»* сыяктуу сөздөр эвфемизмдердин мисалы болуп саналат. Аларды колдонбой эле койгон оң, анткени алар коомдо майыптык тууралуу жаңылыш түшүнүктү калыптандырып, турмуш чындыгынан алыстатып, майыптыгы бар адамдарды стигмалайт. **Майыптыкка карата колдонулган эвфемизмдер майыптыгы бар адамдарды оң тараптуу кемсинтүү болуп эсептелет, анткени майыптыгы бар адамдарга карата эйблисттик** (берешенсинген, теңсинбеген жана акааратчыл) **мамилени көрсөтөт.**

Айрым адамдар алардын майыптыгы тууралуу маалымат ачыкка чыгышын каалабай турганын моюнга алуу зарыл. **Андыктан адамды медиа мейкиндигинде тааныштырууда** анын майыптыгы бар экенин белгилеш керекпи, конкреттүү майыптыгын көрсөтүш керекпи же дегеле майыптыгын көрсөтпөш керекпи деген маселени **өзүнөн дайыма сурап же уруксат алыш керек.**

Сыпайы тилди колдонуу максатында **майыптыгы бар адамдардын уюмдарына кеңеш сурап кайрылуу сунушталат**. Алар тилдин өзүнө тийгизген таасирин түздөн-түз баштан өткөргөндүктөн майыптыкты жана ага байланышкан маселелерди чагылдырган терминдер менен айтымдарды туура тандоодо иштиктүү кеңеш берип, сунуштарын айтышы мүмкүн.

**1-сунуш.** Медиа материал даярдоодо «Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!» деген принципти сактап, майыптыгы бар адамдарга өз тажрыйбасына тиешелүү пикирин, көз карашын же идеяларды айтууга мүмкүнчүлүк бергиле.

**2-сунуш.** Майыптыгы бар адамдардын пикирин жеке ассистенттери, адистер, ата-энелери же коштогон адамдар аркылуу эмес, өздөрүнөн суроо сунушталат. Эгерде коммуникация жаатында жардам керек болуп калса көмөкчү каражаттарды табуу мүмкүнчүлүгүн караштырыш керек (мисалы, жаңсоо тилинин котормочуларын тартуу, коммуникативдик түзмөктөрдү же коммуникациянын альтернативалуу ыкмаларын колдонуу).

**3-сунуш.** Медиа материалдарды даярдоодо адам өзү анын майыптыгы айтылышын же сүрөттөлүшүн каалап-каалабаганын эске алыш керек. Кимдир-бирөө тууралуу маалыматтарды жарыкка чыгарыш үчүн анын өзүнөн уруксат алуу милдеттүү шарт болуп эсептелет. Психосоциалдык же интеллектуалдык майыптыгы бар адамдардын пикири эске алынбаган учурлар кездешет. Бул адамдар чечим кабыл алууга укук жөндөмү бар, андыктан алар мындай чечим кабыл алыш үчүн кандай колдоого муктаж экенин эске алуу зарыл.

**4-сунуш.** Майыптык тууралуу тескери стереотиптерди, багыттамаларды, калыптанып калган мифтерди, эскирген көз караштарды жана калыпка түшүп калган элестерди жоюу чоң мааниге ээ.

**5-сунуш.** Майыптыкты медиада чагылдыруу майыптыктын субмаданияттарынын ар түрдүүлүгүн, турмуштун ар кайсы чөйрөлөрүнө майыптыгы бар адамдардын катышуусун жана тартылышын эсепке алышы керек.

**6-сунуш.** Майыптыкты медиада чагылдыруу майыптыктын анык жана чыныгы тажрыйбасын сүрөттөөгө негизделиши зарыл.

**7-сунуш.** Майыптык маселелери боюнча медиа материалдарды даярдоодо мындай адамдардын ар-намысы менен аброюн сыйлоого негизделген тилди эске алыш керек. Майыптыкты сүрөттөөдө «адегенде адам, анан майыптык» принцибине таянуу, майыптыгы бар адамдардын өз пикирин эске алуу жана алардын кызыкчылыгын коргогон уюмдар менен кеңешүү сунушталат.

Пайдалуу ресурстар

# 4-БӨЛҮК. МАЙЫПТЫКТЫ МЕДИАДА ЧАГЫЛДЫРУУГА КАРАТА МАМИЛЕЛЕР

## Майыптыктын өздүк тажрыйбасын чагылдыруу

Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири



*«Эгерде майыптыгы бар адамдардын коомчулугу аларга дүйнө жеткиликтүүрөөк болушун каалаcа, анда алардын майыптык боюнча идеялары жана тажрыйбасы дүйнөгө жеткиликтүү болгудай кылыш керек. Биз өз ойлорубузду жана окуяларыбызды бөлүшүүгө даяр болбосок башкалардан кантип алар майыптыкты түшүнөт жана кабыл алат деп күтмөк элек? Мен өз майыптыгынын тажрыйбасын айтып берүү идеясы майыптыгы бар адамдардын арасында анча популярдуу эмес экенин билем. Өзүнүн күнүмдүк турмушунун аки-чүкүсү тууралуу ой бөлүшүү оңбогондой машакаттуу иш, бул айрыкча кандайдыр каршылык болсо же аны уга турган адамдар укпай койсо көңүлдү калтырып коюшу мүмкүн. Биз адаттагы эле өз жашообузда жашай берүүнү туура көрмөкпүз. Бирок чындык ушундай, биз өзүбүзгө карата эйблизмге, стереотиптерге, стигмага, кемсинтүүгө дуушар болуп турабыз. Мен азыркы убакта алдыга жылыш үчүн коом менен чынчыл жана астейдил маек куруу негизги стратегия болушу керек деп эсептейм, майыптыгы бар адамдар кыймылынын мага чейинки активисттери ага жетишип деле калды. Биз ошол аракеттерди улантабыз».*

Эмили Ладау, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоочу, жазуучу, санарип коммуникациялары боюнча кеңешчи жана «Майыптыкты демистификациялоо: эмнени билип, кантип сүйлөп өнөктөш болуш керек» китебинин автору (2021).

*«Негизги ЖМКларда майыптыгы бар адамдардын баштан өткөн окуялары жетиштүү көрсөтүлгөн эмес. Биз медиада өз тажрыйбабыз тууралуу материалдарды түзүп, жайылтып, колдонушубуз керек, анткени бул ар кандай майыптыгы бар адамдардын зор спектрин көрсөтүүгө: майыптыгы бар адамдардын өз ара тажрыйба бөлүшүүсүнө, стигматизацияны изилдешине жана окуяларды өз шартында сүрөттөшүнө мүмкүнчүлүк берет».*



Элис Вон, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоочу, «Disability Visibility» долбоорунун негиздөөчүсү, «Майыптыктын көрүнүшү: XXI кылымда өз атымдан баяндаган окуялар» (2020) жана «Жолборс жылы: активисттин турмушу» (2022) китептеринин автору.

Теориялык маалымат

2021-жылы Шар Хейдер аттуу режиссер жана сценарист аялдын «CODA: Дүлөй ата-энелердин баласы» фильми экранга чыккан. Бул фильмде ролдордун бирин ойногон актёр Трой Котсур 2022-жылы экинчи пландагы эң мыкты ролу үчүн «Оскар» кинематографиялык академиясынын сыйлыгын алып, академиянын тарыхында чоң сыйлык алган биринчи дүлөй актер болгон. Бул кинотасма «2022-жылдын мыкты фильми» катары да «Оскар» сыйлыгын алган. Тасманын уникалдуулугу баш каармандардын ролуна өз ролун өзү аткарган дүлөй актерлор жана алардын балдары тартылганында болгон. Дүлөйлүк маселеси кандайдыр трагедия же көйгөй эмес, турмуштук жагдай болгон дүлөйлөр чөйрөсүн чындыкка жакын чагылдырганы үчүн бул фильм майыптыгы бар адамдардын эл аралык коомчулугунда оң баага татыган. Дүлөй каармандар кадимки турмушта жашашат, бүлө күтүшөт, иштешет, өз алдынча машине, балык кармоочу кайык айдашат, жыныстык жашоосу жандуу (адатта фильмдерде майыптыгы бар адамдар жыныстык катнашка кайдыгер катары көрсөтүлөт). Фильмдеги жаңсоо тили альтернатива катары колдонулбастан, негизги тил болуп, көрүүчүнү каармандардын жаңсоосу менен мимикасын кунт коюп кароого мажбурлап, титрлери жок деле түшүнүктүү болот. Бул фильмдин ийгилиги ага майыптыгы бар адамдар өздөрү катышканында: алар ушул топтогу адамдардын жашоо мүнөзүн даана сүрөттөшөт.

Майыптыгы бар америкалык актёр, сценарист жана драматург Райан Ж. Хаддад медиада өз турмуштук тажрыйбасын туюндуруу майыптыгы жок адамдардын бул тажрыйбаны изилдөө же аны туурап көрсөтүү аракетинин кайсынысынан болбосун артык экенин белгилейт.

Майыптыгы бар адамдардын өздүк тажрыйбасын көрсөткөнү майыптыкка карата түзүлүп калган тескери стереотиптер менен мифтерди талкалайт, майыптыктын чыныгы тажрыйбасын билдирет жана майыптыгы бар адамдарга өз пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берет. Өзү аркылуу көрсөтүү менен майыптык адам баласынын тажрыйбасынын бир бөлүгүнө айланат. Идеалдуу медиа мейкиндикте (адабият, кино, социалдык тармактар, маалымат ресурстары) майыптыкты майыптыгы бар адамдар көрсөтүшү адаттан тыш нерсе болбостон, эрежеге айланышы керек. Майыптыгы бар адамдар өз турмушун жеке блогдордо, тематикалык подкасттарда, автордук колонкаларда, биографиялык адабиятта, фото долбоорлордо же социалдык окуяларда көрсөтсө болот.


## «Эненин колдору», кыска метраждуу даректүү фильм. Реж. Нишана Жээналиева, 2017-жыл



Кыргыз документалис-режиссёру Нишана Жээналиева «Эненин колдору» деген автордук ишинде колдор адам баласынын ар түрдүү иш чөйрөсүндө: музыкалык аспап чертүүдө, хирургиялык операция жасоодо, кийим тигүүдө, тамак бышырууда ж.б. канчалык маанилүү экенин көрсөткөн. Фильмдин аягында Нишана өзү монтаж кылган колдорун көрсөтөт.

Нишананын өзгөчөлүгү – жогорку жана төмөнкү мүчөлөрүнүн гипоплазиясы. Фильмде режиссёр айырмачылыкты эмес, башкалардай эле аракеттенип, сүйүктүү иши менен алектенип, баласын чоңойто алаарын баса көрсөтөт. Нишана Жээналиева өз иштеринде майыптыктын оң маанидеги тажрыйбасын туюндурууга аракет кылат, ал майыптыгы бар аялдарды өз дараметин бардык жакта, анын ичинде искусстводо, спортто, музыкада жана ишкерликте жүзөгө ашырууга үндөйт.

## Гирма Хабендин «Хабен: Гарвард укук мектебин багындырган азиз жана дүлөй аял» аттуу автобиографиялык китеби, «Twelve» басмасы, 2019-жыл




Гирма Хабен – белгилүү укук коргоочу, адвокат, спикер, «Хабен: Гарвард укук мектебин багындырган азиз жана дүлөй аял» аттуу автобиографиялык китептин автору. Өз мемуарларында Гарвард университетинин юридикалык факультетинин угуусу да, көрүүсү да начар алгачкы бүтүрүүчүсү үй-бүлөсүнүн АКШга көчүп келген тажрыйбасы, билим алышы, азиз жана дүлөй балдар үчүн жеткиликтүү чөйрө түзүүнүн кыйынчылыктары, эмгекке орношуунун мүмкүнчүлүктөрү жана карьерасынын ийгиликтүү курулушу тууралуу баяндайт. Ал дүйнөнү кандай сезип, айлана-чөйрөнү кандай кабыл алып жатканын окурмандар менен бөлүшүп, китептин аягында көзү көрбөгөн жана дүлөй адамдар менен жакшыраак алака түзүү боюнча кеңештерин берет.

# Майыптыкты визуалдаштыруу

Майыптыгы бар адамдардын жана коммуникация жаатындагы эксперттердин пикири



*«**Майыптыктын көзгө урунбаган тажрыйбасына чекит коюш керек**. Жаңылык агенттиктери, Голливуд жана социалдык тармактардын алдыңкы платформалары чыныгы инклюзивдүүлүктүн үстүнөн иштеши зарыл. Инклюзивдүүлүк үчүн жол картасы – бул ЖМКда майыптыктын элесин өзгөртүү».*

Жудит Хүман, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоочу, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылынын эл аралык лидери.

Теориялык маалымат

Визуалдаштыруу сөзгө таянбастан маани билдирүүнү же мазмунду баяндоону билдирет (видео, фотографиялар, сүрөттөр, карталар, инфографика, таблицалар, анимациялык роликтер ж.б.). Медиа контентти визуалдаштыруу азыркы ЖМКларда майыптыкты чагылдыруунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, адамдарга мазмунду кабыл алууга жана өз тыянагын чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Визуалдык нарративдер аркылуу майыптыкты чагылдыруу майыптыктын тажрыйбасын конкреттештирет, билдирүүгө белгилүү бир сезимдердин боегун сүртөт, татаал маселелерге көңүл бурдурат, кошумча маалыматка болгон муктаждыкты калыптандырат. Медиада майыптыгы бар адамдарды визуалдык жактан туура көрсөтүү инклюзивдик маданиятты сүрөөнүн кубаттуу каражаты болуп саналат. Визуалдаштыруу аркылуу адамдар майыптыктын ар кандай субмаданияттары, жашоо мүнөзү же колдонулуп жаткан көмөкчү технологиялар жөнүндө билишет. Майыптыкты медиада визуалдаштыруу аркылуу чагылдырууда майыптыктын ар түрдүүлүгүн, майыптыгы бар адамдын чыныгы элесин, айлана-чөйрөнү жана инклюзивдик маданиятты эске алуу сунушталат.

## Майыптыктын ар түрдүүлүгү

Визуалдаштыруу колдонулган материалдарда ар кандай майыптыгы бар адамдарды көрсөтүү сунушталат. Азыркы убакта ЖМКда үстөмдүк кылган топ болуп коляска колдонгон адамдар эсептелет. Визуалдык нарративдерде психосоциалдык, интеллектуалдык жана сенсордук майыптыгы бар адамдарга азыраак көңүл бурулат. Психикалык бүлүктөргө, азиз дүлөйлүккө жана көп түрдүү майыптыкка андан да аз көңүл бөлүнөт.

## Майыптыгы бар адамдын чыныгы элеси

Майыптыгы бар адам боорукерликтин же кайрымдуулуктун объектиси катары эмес, тиричиликтин бардык чөйрөлөрүндө: окууда, иште/жумуштуулукта, спортто, маданиятта, үй-бүлөдө, досторунун арасында, эрмегинде, оюн-зоокто кадимки иштер менен алектенген киши катары көрсөтүлүшү керек. Мында адамдын майыптыгы медиа материалдын негизги темасы болбосо, адамдын майыптыгына басым жасап кереги жок.

## Айлана-чөйрө

Айлана-чөйрөнүн жеткиликтүүлүгүнө көңүл буруп, маселенин чечилишин издеген мамилени колдонуу зарыл. Көмөкчү түзмөктөрдү адам кантип колдонуп жатканы тууралуу материалдар натыйжалуураак болот, мында көмөкчү түзмөктөрдүн өздөрүнө караганда адамга жана анын аракеттерине көбүрөөк көңүл бурулат.


## Инклюзивдик маданият

Майыптыгы бар адамдар коомдук иш-чараларга катышып жаткан, коом үчүн маанилүү чечим кабыл алып жаткан, өз пикири бар жана жалпы аракеттер менен окуяларга тартылган коомдун бир бөлүгү катары көрсөтүлүшү керек. Медиа башка кишилердей эле жөндөмдөргө жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон майыптыгы бар адамдын жигердүү элесин алга сүрөгөнү маанилүү.

## «Өзгөчө балдар үчүн өзгөчө китептер» YouTube-каналы


2016-жылы АКШда атайын мектептин мугалими Крис Алмер «Special Books for Special Kids» («Өзгөчө балдар үчүн өзгөчө китептер») YouTube-каналын түзгөн, анда ар кандай майыптыгы бар балдар өз тажрыйбасынан бөлүшөт. Ар бир баян – белгилүү бир майыптыгы бар адамдын турмуш китеби сыяктуу. Бул каналдын видео роликтеринин популярдуулугу артып, 2 миллиарддан ашуун киши көргөн жана ар кандай 130 өлкөнү камтыган. Азыркы убакта «Special Books for Special Kids» долбоору мультимедиалык платформага өзгөртүлгөн, анын негизги максаты - адамдык шарттардын ар түрдүүлүгүн кадыресе ченем катары таануу жана ага кызматташууга даярдык, сый-урмат менен көңүл буруп, жакшы мамиле кылуу.






## Ангелина Гаранина: көмөкчү технологияларды өзү аркылуу көрсөтүү

Оң бутунда биомеханикалык протези бар кыргызстандык Ангелина Гаранина кесипкөй модел болуп саналат. «Инстаграмдагы» өз баракчасында





Ангелина протезди күнүмдүк турмушта пайдалануу жана ага кам көрүү, аны алмаштыруу, жаңы протез жана көмөкчү механизм коюуга өзүнүн ылайыкташуусунун тажрыйбасы тууралуу кенен-кесир айтып берет.

Анын тажрыйбасы протез колдонгон кишини өмүрүндө эч качан кездештирбеген көп катталуучуларды өзүнө тартып турат.

## Жаңсоо тилин көрсөткөн балдар китеби

2002-жылы «Square Fish» басмасы Исаак Миллмандын «Мозес концертке баратат» деген сүрөт-китебин чыгарган, анда жаңсоо тили сүрөттөрдө көрсөтүлүп, иллюстрациялар, текст жана сүрөт колдонулган. Китепте Мозес аттуу дүлөй бала жана анын мектептеги достору жөнүндө баяндалат. Алар чогуу концертке бармак болушат. Алар музыканы сезиши үчүн мугалими мистер Сэмюэлс белгилүү перкуссионист аял Эвелин Гленнини чакырып, ал вибрациянын жардамы менен балдарга үндөрдү сезүүгө жардам берет.




Ошентип, окурмандар жаңсоо тили тууралуу түшүнүк алып, дүлөй жана начар уккан адамдар музыка менен айланадагы дүйнөнү кантип кабыл аларын түшүнүшөт.

*«Турмуштагы жападан-жалгыз майыптык – бул жаман мамиле» деген болбогон кеп, анткени калп. Тепкичте ким жылмайса деле пандус болуп бербейт. Экрандан ким жылмайса деле дүлөй кишилер анда жазылбаган субтитрлерди көрүп калбайт. Жакшы маанай тартуулаган китеп дүкөндүн алдында ким канча турса деле ал китептер Брайл шрифтине айланып кетпейт. Анын баары өзүнөн өзү болбойт».*



Стелла Яң, австралиялык комедия актрисасы жана укук коргоочу.

Теориялык
маалымат

Медиа күнүмдүк турмушубуздун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Медиа ресурстар коомго маалымат таратып, үйрөтүп, көңүлүн ачып турат. Анын үстүнө бул бири-бирибиз менен байланышкан негизги ыкма. Ошондуктан медиа материалдар ар кандай майыптыгы бар адамдарга, анын ичинде дүлөйлөргө жана начар уккандарга, көзү көрбөгөндөргө жана начар көргөндөргө, психосоциалдык, физикалык, интеллектуалдык жана көп түрдүү майыптыгы бар адамдарга жеткиликтүү болушу керек. Медиага болгон жеткилик майыптыгы бар адамдардын баары веб-сайттарды, онлайн маалыматты, санарип коммуникацияларын, телекөрсөтүүнү, радиону, кинону жана басылмаларды эркин пайдалана алат деген кеп.

Медиа ресурстардын жеткилиги мультимодалдык мамиленин эсебинен камсыздалат. Ал ар түрдүү модалдыкта – адамдын маалыматты кабыл ала турган негизги каналдары: угуу, көрүү, кинестетика, сөз ж. б. аркылуу маалымат берүүдөн турат. Бул угушу начар адамдар үчүн жаңсоо тилиндеги котормолорду же субтитрлерди колдонуш керек деген кеп. Көрүшү начар адамдар үчүн аудиодескрипция/тифлокомментарий, Брайл шрифти жана транскрипттер колдонулат. Интеллектуалдык майыптыгы бар адамдарга медиа материалдар социалдык баяндар, иллюстративдик баракчалар ж. б. түрүндө жөнөкөй форматта (Easy to read) берилет. Ар кандай майыптыгы бар адамдар үчүн медианын жеткилигин камсыз кылган ар кандай технологиялар пайдаланылат.

## Медиа ресурстардын жеткилигин камсыз кылуу стратегияларынын мисалдары

**Тифлокомментарийлөө.** Тифлокомментарийлөөдө программанын сөз туюндурбаган элементтери, анын ичинде айлана, костюмдар жана жаңсоо тили тууралуу визуалдык баяндоону үн менен көрсөтүш үчүн мультимедиа менен синхрондошкон экинчи добуш чыйыры колдонулат. Сүрөттөмө диалогдогу паузалардын тушунда кошулуп, адамдарга программада эмне болуп жатканын элестеткенге мүмкүнчүлүк берет.

**Субтитрлер.** Жабык субтитрлер (ЖС) — бул медиадагы маектин көрүүчү иштетип же иштетпей кое ала турган тексттик версиясы. Ачык субтитрлер (АС) — бул медиадагы маектин дайыма көзгө көрүнүп, өчүрүлбөй турган тексттик версиясы. Жандуу субтитрлер — бул медиадагы маектин түз эфир учурунда реалдуу убакыт режиминде транскрибдешкен тексттик версиясы. Кадимки субтитрлер – бул маалыматты, мисалы чет элдик фильмдерди башка тилге которуу.

**Транскрипция.** Транскрипция – бул берилген медиа өндүрүмдүн сөзгө-сөз тексттик көрүнүшү. Түп нускадагы медиа материалдын бардык тиешелүү бөлүктөрү, анын ичинде диалогдор, үн таасирлери жана музыка шифр чечмелөө аркылуу берилиши керек.

**Жаңсоо тили.** Дүлөй жана угушу начар адамдар маалымат алмаша турган, медиадагы жаңсоо тилинен/тилине которууну пайдалануу.

# Жеткиликтүү форматтардагы «Vogue» жарашык журналы





2023-жылдын май айында британиялык «Vogue» жарашык журналы көзү көрбөгөн жана начар көргөн адамдарга жеткилигин кеңейтиш үчүн өзүнүн 107 жылдык тарыхында биринчи ирет Брайл шрифти менен жана аудиоформатта чыккан. «Жарашыкты жаңыча түшүнүү» деген аталыштагы журнал калыстыкка, жеткиликтүүлүккө жана майыптыгы бар адамдардын ар-намысына арналган. Окурмандар журналды аудиоформатта бекер ала алышкан. Брайл шрифти менен басылган кагаз көчүрмөсүн алгандар редакцияга кайрылып, журнал аны тиешелүү дарекке жөнөтүп турган. Аны Брайл шрифти менен атайын жабдууда өз алдынча бастырып алууга да мүмкүнчүлүк болгон.

## Симпозиумдун онлайн сессиясынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу

2021-жылы Сан-Франциско мамлекеттик университети жана Майыптыгы бар адамдардын маселелери боюнча Пол К. Лоңмор институту (АКШ) комикстерди көзү көрбөгөн жана начар көргөн адамдар үчүн ылайыкташтыруу боюнча симпозиум өткөрүшкөн. Симпозиум онлайн форматта уюштурулган. Ар бир сессияда маалыматтын жеткилигин камсыз кылуунун ар кандай ыкмалары, анын ичинде: басым жасалган музыкалык коштоо менен аудиодескрипция/ тифлокомментарийлөө, субтитрлер, анын ичинде кадимки жана жабык түрлөрү, видеого карата транскрипция, жаңсоо тили колдонулган, мындан тышкары ар бир катышуучу өзүнүн тышкы кебетесин сөз менен сүрөттөгөн




## Басылманын ылайыкташкан версиясы

Бириккен Улуттар Уюму майыптык темасындагы инклюзивдик коммуникация боюнча колдонмо иштеп чыккан (2023). Түп нускадагы версиясына жөнөкөй форматтагы (Easy to read) документ тиркелет. Бул жазууну окууда кыйналган адамдар үчүн ылайыкташтырылган, жазуу жүзүндөгү маалыматты кыйла жөнөкөй форматта берүү ыкмасы.

Сүрөттө: солдо – түп нускадагы текст, оңдо – ылайыкташтырылган версиясы.



**Models of disability: charity, medical and social**

The experience of persons with disabilities in society has been explained using different models of disability, which illustrate why societies have given certain roles to persons with disabilities at a given time and in a given context.

BOX 2. THREE MODELS OF DISABILITY

- "The charity model of disability considers persons with disabilities as passive objects of kind (charitable) acts or welfare recipients only, rather than as empowered individuals with equal rights. Under this model, disability is an individual's problem and persons with disabilities are not considered capable of providing for themselves on account of their impairments; rather, they are considered as a burden on society, which bestows its benevolence on them. Persons with disabilities, under this perspective, are considered the objects of pity, dependent on the goodwill of others, and are thereby disempowered and not in control of their own lives, participating little or not at all in society. The effect of this model is that society's responses are limited to care and assistance, with individuals being reduced to recipients of charity and welfare only, instead of its guaranteeing them the enjoyment of their rights."[7]
- "The medical model of disability considers persons with disabilities as objects of treatment, as patients to be cured, and disability as a medical problem that needs to be solved or an illness that needs to be treated. Under this model, disability resides in the individual and doctors know best how to correct and manage any impairment, regardless of the consent, will and preferences of the individual. Persons with disabilities, under this model, are considered as deviating from the physical and mental norms and their behaviours and attitudes are pathologized. The effect of this model is that society's responses seek to normalize and diminish impairments as a means to enabling participation, instead of removing barriers."[8]
- "The social model frames disability as the consequence of the interaction of the individual with an environment that does not accommodate that individual's differences. This lack of accommodation impedes the individual's participation in society. Inequality is not due to the impairment, but to the inability of society to eliminate barriers challenging persons with disabilities. This model puts the person at the centre, not his/her impairment, recognizing the values and rights of persons with disabilities as part of society. This paradigm shifts disability as not a "mistake" of society but an element of its diversity. Disability is a social construct–the result of the interaction in society between personal factors and environmental factors. Disability is not an individual problem but the outcome of a wrong organization of society."[9]

Сүрөттө: майыптыктын моделдери - кайрымдуулук, медикалисттик.



**Ways of thinking about disability**

People think about disability in different ways.

**Charity**

**Charity** is when you give people help or money when they are in need.

Some people think that people with disabilities should be given charity instead of equal rights.

**Medical**

Some people think that people with disabilities have something wrong with them. They send people to hospitals to try to cure them.

**Social**

Other people think that the way we do things for people with disabilities is not right. Society needs to change so people with disabilities can join in like everyone else.

10

Сүрөттө: түшүнүү жолдору майыптык - кайрымдуулук, медикалисттик жана социалдык

## Майыптыкты медиада чагылдыруу боюнча сунуштар

**1-сунуш.** Медиада майыптык тажрыйбасын аны өз башынан өткөргөн адамдын айтып бериши кеңири практикага айланууга тийиш, анткени бул стратегия коомчулукка майыптыктын чыныгы тажрыйбасы менен таанышууга жана ал тууралуу маалыматын арттырууга мүмкүнчүлүк берип, майыптыгы бар адамдардын өздөрүнө болгон ишенимин көбөйтүп, инклюзивдик маданиятты алга сүрөйт.

**2-сунуш.** Майыптык тажрыйбасын конкреттештирүүнүн жолу катары майыптыкты визуалдаштырууга өзгөчө көңүл буруп, билдирүүгө белгилүү бир сезимтал боек сүртүп, татаал маселелерге көңүл буруп, аудиторияда кошумча маалыматка болгон муктаждык жаратуу зарыл. Медиада майыптыкты визуалдаштыруу аркылуу чагылдырууда майыптыктын ар түрдүүлүгүн, майыптыгы бар адамдын чыныгы элесин, айлана-чөйрөнү жана инклюзивдик маданиятты эске алуу сунушталат.

**3-сунуш.** Майыптыгы бар кишилер медиага жеткилик алышы үчүн маалыматты ар кандай майыптыгы бар адамдардын муктаждыгына ылайыкташтыра турган бир катар технологияларды камтыган мультимодалдык мамилени колдонуу сунушталат.

Пайдалуу ресурстар

БУУнун майыптык темасындагы инклюзивдүү коммуникация боюнча колдонмосу, 2023.

Хабен, Г. Хабен: Гарварддын укук мектебин багындырган сокур жана дүлөй аял. − Twelve, 2019.

Ладау, Э. Майыптыкты демистификациялоо: эмнени билип, эмнени сүйлөп өнөктөш болуш керек. − Ten Speed Press, 2021.

Воӊ, Э. Майыптыктын көрүнүшү: XXI кылымда өз атымдан баяндалган окуялар. − Knopf Doubleday Publishing Group, 2020.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН РЕСУРСТАР

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 13-мартындагы мыйзамы. − Текст: электрондук. − URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111885?cl=ru-ru

ЮНИСЕФ. Майыптыгы бар балдарга болгон мамилени изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча отчет. Өнүгүү үчүн коммуникация. − PIL Research Company, Бишкек, 2020.

БУУӨП Кыргыз Республикасында. Майыптыгы бар аялдар менен эркектерге жана айылдык аялдарга карата тескери стереотиптерди табуу жөнүндө отчёт. − Бишкек, 2018. − Текст: электрондук.– URL: https://mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2020/05/otchet_issledovaniya_rus.pdf

ДССУ. Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы (ИЭК), 2001. − Текст: электрондук. – URL: http://who-fic.ru/upload/iblock/afa/wha-ru.pdf

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы [2006-жылдын 13-декабрында Башкы Ассамблеянын 61/106 резолюциясы менен кабыл алынган]. − Текст: электрондук. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.shtml

Ярская-Смирнова Е., Большаков Н. Модели понимания инвалидности [жарыяланган жери «Доступность и инклюзия в современном искусстве: transitory parerga»,№01 // под ред. Влада Струкова] − Текст: электрондук. – URL: https://garagemca.org/programs/inclusive-programs/diversity-and-inclusion/modeli-ponimaniya-invalidnosti-models-for-understanding-disability

Charlton, J. Nothing About Us Without Us Disability Oppression and Empowerment: University of California Press, 2020

Teitel, E. Critics of new ‘dynamic’ disability symbol not just anti-PC cranks: Toronto Star [Electronic source] Source Available: https://www.thestar.com/news/gta/2017/04/26/critics-of-new-dynamic-disability-symbol-not-just-anti-pc-cranks-teitel.html

Pung, J. Representation of wheelchair users in children’s literature / Jessica Pung. [Electronic source] Source Available: https://wheelchairusersinchildrenslitera.weebly.com /(Access data 15.05.2022).

DiMarco, N. Deaf Utopia Deaf utopia: a memoir and a love letter to a way of life: HarperCollinsPublishers, 2022

Young, S. Inspiration porn and the objectification of disability: Stella Young at TEDx Sydney 2014, [Electronic source] Source Available: https://www.youtube.com/watch?v=SxrS7-I_sMQ

Longmore, P. Screening Stereotypes: Images of Disabled People in Television and Motion Pictures. In A. Gartner, T. Joe (Eds.) // Images of the Disabled, Disabling Images. New York: Praeger. − p 65–78.

Barnes, C. Disabling Imagery and the Media: An Exploration of the Principles for Media Representations of Disabled People / Colin Barnes. Ryburn: Krumlin, 1992. − 29 p.

Ladau, Emily. "Demystifying disability: what to know, what to say, and how to be an ally." Emeryville: Ten Speed Press, 2021.

Special Books by Special Kids. [Electronic source] Source Available: https://www.youtube.com/c/SpecialBooksbySpecialKids

Special Books by Special Kids. [Electronic source] Source Available: https://sbsk.org/

Media Accessibility [Electronic source] Source Available: https://www.ami.ca/media-accessibility

Opening Comments and Keynote Panel (#ComicsA11Y Symposium 2021) [Electronic source] Source Available: https://www.youtube.com/watch?v=XUXMDqUZ-uk&list=PLvCRO5r-MsTpf-zU0LY7otYz49F5hrz1l

БУУнун майыптык темасындагы инклюзивдүү коммуникация боюнча колдонмосу. – Текст: электрондук. − URL: https://www.un.org/sites/un2.un.org/files/2204195_r_undis_communication_guidelines.pdf

Ошол эле жерде.